
63.2(2Ки)
А 22


Абдылдаев Болотбек ажы

# САНЖЫРА



*Хандай сизге жол болсун,*
*Катылба десем болбойсуң.*
*Ар качандан бир качан*
*Мени камаганың койбойсуң*
*Эми кандай акыл ойлойсуң*

*Манас*





Абдылдаев Болотбек ажы

# САРЫБАГЫШ УРУУСУНДАГЫ "ТАШТОКУМ" УРУГУНУН САНЖЫРАСЫ

Бишкек – 2016

чыңалышына, бабаларынын басып өткөн жолун жакшы түшүнүшүнө көмөк көрсөтөт. Б.Абдылдаевдын бул эмгеги дегеле жалпы кыргыз элинин көчмөн замандагы жашоо шартын, маданий түшүнүктөрүн, каада - салтын кабыл алууга окурмандарга жардам берет. Ушул көз караш менен караганда кыргыз калкынын этномаданий баалуулуктарына арналган Абдылдаев Болотбектин бул чыгармасын колдоого алууга болот.

**Пикир ээлери:**

тарых илимдеринин кандидаты
**Рыскул Жолдошов**
**тарых илимдеринин кандидаты**
Темиркул Асанов

30. 10. 2015.

# САРЫБАГЫШ УРУУСУНДАГЫ "ТАШТОКУМ" УРУГУНУН САНЖЫРАСЫ

Санжыра элдин теги, уруунун курамы башка элдер менен карым-катнашы жөнүндө маалыматтарды камтыган, кыскача оозеки тарыхы. Санжыра араб тилинде "шежере"-мааниси "тармак, бутак, бир түп дарак"-дегенди түшүндүрөт. Дарактын тамыры бир болсо да, андан бир канча чоңуурак бутак, ал чоң бутактан бир канча орто бутак, орто бутактан бир канча майда чырпыктуу бутак, шактап, айрылып чыккандай, адамдардын негизги түбү бир болсо да андан бир нече бала, ал балдардан бир нечелеген балдар айрылып, уруктарды, уруктар урууларды, уруулар биригип улутту түзөт. Уруулардын жана улуттун келип чыгышы да дарактын шактап айрылышына да окшогондуктан буга "шежере"-деп наам берилген. Муну биз өз тилибизге багындырып "санжыра"-деп жүрөбүз. Санжыра боюнча ата-тегин билүү, өзүнүн кайдан келгенин, кай түрлүү калк экенин, кайсы уруудан болоорун билип алуу пайдалуу. Санжыра боюнча кыргыздар кырк уруудан куралган. Кыргыз элин эл кылып, бириктирип, ынтымакка чакырып, элди сактап келген да санжыра.

Урматтуу окурман! Өзүнүздөргө белгилүү, - кыргыз эли илгертен эле түптүү, улуу калктардын катарында аталып, ак-көңүл, кең пейил, адамгерчиликтүү мамилелери, маданияты, каада-салты менен таанылган, кадырлуу, барктуу, уюткулуу эл болуп келген.

Ошондуктан ар бирибиз өз элибиздин тарыхын терең билүүгө милдеттүүбүз.

Санжыра -урук, уруу, эл тууралуу муундан муунга ооз эки айтылып келген чыгарма экендиги белгилүү.

Санжыра XVI кылымдан бери монголдордун эзүүсүнөн кийинки мезгилден баштап айтылып келген.

Санжыраны тарыхый булак катары пайдаланып, аны терең изилдөөгө совет доорунда катуу тыюу салынган. Кыргызстан эгемендүүлүккө жеткенден кийин санжыраны изилдеп үйрөнүүгө кеңири жол ачылды. Кыргыз эли ири урууларга жана өз ичинен майда урууларга да бөлүнгөндүктөн санжыраны билүү -кыргыз эли үчүн мааниси чоң.

Азыркы заманда жети атасын билбей калышкандар жок эмес. Кыргыз элинде тууганчылык мамиле өтө кеңири тараган, ошондуктан ата-тегин сурап билиши, кайсыл уруудан экенин билип алуу ар бирибиз үчүн парз. Ата-журт санжырасын муундарыбызга түшүндүрүп, эскертип, айтып жүрбөсөк, кийинки жаштар чыныгы өзүнүн туугандарын биле албай калышы мүмкүн. Баарыбыз бир атанын балдары экенибизди эскерте кетүүнү туура көрдүм. Ошондон улам жаштар өзүнүн уруусун, ата-тегин билүүгө кызыкса деген тилекте болуп, ушул санжыраны жазып жатам. Санжыра адам баласынын өткөндөгү жашоо турмушун, иштеген иштерин, акылман кептерин, маданиятын, үрп-адатын, каада-салтын камтыйт. Санжырада ар уруудан чыккан өмүрү өрнөктүү, көрүнүктүү инсандар жөнүндө маалыматтар

топтоштурулган. Ошондуктан элдин келечек муундары үчүн тарбиялык, таанып билүүчүлүк тарыхий мааниси чоң. Ата-бабасынын улуу муундагы замандаштарынын жакшы иштерине сыймыктансын, үлгү алсын деген эле тилек.

Кыргыз элинде тууганчылык мамиле өтө кеңири тараган эмеспи. Ошондой эле Алла Таала өзүнүн ыйык Куранында жана пайгамбарыбыз (С.А.В.) айткан хадистеринде да өзгөчө терең маани берип, туугандарга, ата-энеге жакшылык кылуу тууралында өзгөчө айтылган. Тууганчылыкты үзүү өтө жаман күнөө, андай адам менен бирге отурган адам да Алланын мээриминен куру калат. Тууганчылык тууралында: “Чындыгында Алла Таала адилеттүүлүктү, жакшылыкты, тууган урукка кайрымдуу болууну буюруп, уятсыздыктан, каапырлыктан жана чектен ашуудан тыюу салат” – деген.

Ким тууганчылыкты курса, анын өмүрү узун болот. Туугандары аны жакшы көрөт, ырыскысы кенен болот, акыретте бейишке кирет. Ошондой эле жакшылыкка чакырып, жамандыктан кайтаруу дагы, Алла Тааланын өкүмдөрүнүн бири. Сен качан бирөөгө жардам берсең, жакшылык кылсаң, сен муктаж болгондо, кыйналган учурунда, сага алар жардам кылууну каалашат. Дин жолундагы адамдар башкаларга үлгү болгону туура болот. Деги эле кыргыз элинин илгертен жашап келаткандагы каада-салтын, маданиятын, үрп-адатын эстен чыгарбай, кийинки муундарыбыз ыймандуу боорукер, кайрымдуу, абийирдүү, сабырдуу чынчыл

болуп, адамдык касиетин сактап, жашоо турмушун өткөрсө деген эле тилек...

Элибизде куйма-кулак, жез-таңдай, сүйлөсө сөзү ырдай куюлушкан, өзүнө таандык асыл сапаттары бар аталарыбыз санжыраны оозэки айтып келген. "Жети атасын билбеген кул"-деп айтышкан кыргыздар, бул дагы бекеринен эместир. Азыркы кезде генетикалык жактан жети ата өткөндөн кийин тазаланып, бири-бири менен баш кошсо болоорун аныкташса, кыргыздар муну тээ илгери эле билишкен, жети ата өтмөйүн баш кошушкан эмес. Азыркы күндө бул нерсеге маани берип, териштирүү токтогондуктан, майып балдардын саны да күн санап өсүүдө. Андан сырткары санжырада жети атасын билүү, туугандардын ортосундагы, уруулардын ортосундагы биримдүүлүктү, ынтымактуулукту сактоого жана аларды баш коштуруу болуп келген.

Илгерки жоокерчилик заманында ар бир урук, уруудан он башы, жүз башы, миң башы -аягында баары биригип түмөн башы болуп, алардын башында бектер, бийлер, ажолор турган.

Андан өзүнүн тек -жайын билип, ата-бабаларынын эл үчүн өтөгөн ак кызматын, нускалуу иштерин эскере жүрүшү парз, кийинки муун мурунку муундун, ата бабасынын улуу муундагы замандаштарынын, жердештеринин жакшы иштерине сыймыктансын, шыктансын, үлгү алсын, өзү да ошолордой болууга умтулсун- деген ой.

Ата-бабасынын түпкү тегине, өткөн таржымалына кызыкпаган адам жок. "Сен кимсиң, атаң ким, чоң атаң

ким, кайсы уруктансың, кайсы уруудансың, кайсы элденсиң?"-деген суроолорго санжыра гана так жооп берген. Байыркы элдин салты сакталып, наркы бааланып, алардын учугу бүгүнкү күнгө чейин жетип отурат. Элдин биримдигин чындоо, ынтымактуулугун арттыруу, өз элин, жерин аныктап таануу, жүрөгү кыргыз деп соккон ар бир жаран үчүн чоң үлгү.

Биздин максатыбыз "Таштокум" уругу "Сарыбагыш" уруусунун ичинен тарап чыккандыгы жана "Сарыбагыш" уруусунун пайда болуусу, кайсы эл менен байланышкан жана алакалашкандыгы жөнүндө кененирээк чечмелөөгө туура келет. Ошондуктан элге түшүнүктүү болсун үчүн Долон бийден баштаганыбыз оң болот.

Санжыранын баянына караганда Долон бий, Домбул бийдин тукумунан экен. Монголдор -Чынгыз хандын мезгилинде, кыргыздарды чаап, каптап келгенде Долон бий тоо аралап, Кара-Кужур, Сары-Булак, Төлөк жерлерин байырлап туруп калган экен.

Ошол кезде Нарын менен Кочкордун ортосундагы ашуу белден кайтыш болуп, сөөгү ошол жерде коюлгандыгы үчүн "Долон" ашуусу аталып калат. Ошол мезгилде Долон бийдин байбичеси эгиз эркек бала төрөйт. Аттарын Ак уул, Куу уул коёт. Ал балдарынын тукуму кийин бирөөсү оң, бирөөсү сол аталып, оң жана сол урууларга бөлүнөт.

Ал эми Ак уулдан:- Адигине, Тагай, Мунгуш үч уул болду.

Куу уул (сол урууда):- Кушчу, Саруу, Мундуз, Басыз, Чоң-Багыш, Каратал, Матай, Кытай, Төбөй, Жетиген деген уруулары тарайт.

Тагайдан:- Богорстон (солто эли), Койлон (кооз жедигер), Кылжыр (Сарыбагыш), Кара-Чоро төрт уул болуп, Моңолдор, Черик, Азык, Саяк келип бала болуп калышкан. (Булар жөнүндө кийинчерээк кайрылабыз).

**Бул урууларды чечмелөөдө Богорстондон Солто эли тарайт.**

**Богорстондон**:- Эштек, Козор.

Эштектен:- Солто, Түйтө, Шалта, Ак-Буура, Асылбаш, Төлөк, Кайдоол, Көгөй.

**Солтодон**:- Күнтуу, Култуу, Чаа, Мааке.

1.Күнтуудан:- Токбай, Карамерген, Төрө, Кулболду, Жолболду, Байгана, Чоңмурун. Булар жети уул болуп, Күнтуу эли деген Бишкектин күн батыш тарабында турушат (Күн-Туу айылы).

2.Ал эми Култуу балдары "Чылпак" аталып кеткен. Култуудан:- Адине, Мендеке.

Адинеден:-Атакүчүк, Элчибек.

Атакүчүктөн:- Абышка, Чал.

Абышкадан:- Кашкаары, андан Сейтек, Андан Сүйүнбай.

Чалдан:- Байке, Тилеш. Бул уруктар "Аюкор" деп аталган.

3.Чаадан:- Каракчы (Бөлөкбай), Талкан, Тата, Жоочалыш, Сөөкмурун.

Талкандан:- Кошой, Коңурбай, Бакы, Багышан, Байболот.

Татадан:- Айтеке, Абыл, Аңкылдак, Кенжебай, Кулубай, Токобай, Соно.

Каракчы (Бөлөкбайдан):- Байсейит, Бүтөш, Төкөлдөш, Богочор.

Байсейиттен:- Эсиркемиш, Боку, Кутманбет, Ногой, Чулу, Жалайыр, Чүмкөлөй, Айдарбек, Шайык тогуз уул болду.

Эсиркемиштен:- Кебек, Мурат, Олжочу, Жылкычы булар "Эсиркемиш" аталды.

Мураттан:- Бекбото, Нарке.

Бекботодон:- Бердиш андан Тайлак андан Айдабоосун андан Абылмейиз, Өмүраалы, Жамангул.

## Байтик баатыр баяны

Талкандын баласы Кошойдон:- Жамансарт андан Түлөберди андан Канай андан Байтик баатыр (Канайдын токол аялы Эренчеден төрөлөт). Байтик баатыр да Солто уруусунан чыккан манап.

1840-жылы Байтик аяш атасы Ажыбек даткадан манасчы Балыкоозду сурап, Таластан бир топ түтүн эли менен кошо (Саруу, Кушчу, Кытай, Солто элин) Чүйгө көчүрүп келген. Себеби бул уруулар ар кандай себептер менен Таласта Ажыбек датканын элинде турган экен да. Байтик Чүй өрөөнүнө көчүп келгенде, кандай болбосун бийликти колго алам, Солто элин бийлейм -деп ойлогон. Бирок иш ал ойлогондой болгон жок. Ал учурда Эшкожонун уулу Жангарач Солто элин бийлеп турган. Байтик Чүйгө келээрден мурда Жантай хан Жангарачтын кызына Шабданды кудалап, сөйкө салдырып кеткен. Кийин Шабдан күйөөлөп келип "Жангарачтын тайраңдаган эрке кызын албайм"-деп атасына айттырганда, Жантай баласын чакырып алып: -"Ой жаман кем, сага мен Жангарачтын жаман кызын алып берип жатыптырмынбы? Солтону алып берип жатам, кыңк этпей ала бер, сага катын жокпу?-андан кийин каалаган сулуу кызыңды ала бер кем!"-деп тилдеген экен. Байтиктин атасы Жангарачтын атасы менен бир тууган. Ошондуктан Жангарачтын кудасы Байтикке да куда болот.

Ошентип Байтик Балыкооз манасчыны ээрчитип Жантай хандыкына барат. Байтик Жантай менен

көкүрөгүндө өйүп жүргөн маселелер боюнча сүйлөшөт. Ал маселе Кокон хандыгынын көкөйгө тийген эзүүсү болгон. Кокон хандыгы жер-жерлерге чеп салдырып Сарбаздарды, Сыпайыларды кармап, ар түрлүү салыктарды: зекет, үшүр, хан салыгы, жол чыгымы, садага ж.б. алып турган. Баарыдан мурда, ордо кыздарды жыйнап алышы-элдин кыжырын келтирген.

Жантай -каапырлыгы болбосо орустарга кошулуп алсак жакшы болот эле, сарттардын чыгымы элди бүлүндүрүп жиберди деген оюн айтат. Жантайдын мындай сөзү Байтиктин оюна да туура келет. Байтик Жантайдыкына бир айга жакын жатып калат. Кетеринде Байтикке күлүк ат "Көк-Шалкыны" берип узатат. Ошол кезде Чүй боюнда, Жыламышта чоң аш болуп, баш байгеге төө баштаган көп мал сайылат. Казак, Кыргыздан тандалып далай күлүктөр келет.

Ошондо Байтик "Балыкоозго" айтат -мен түпкү сүрөөгө кеттим, бул жолу да "Көк-Шалкы" чыгып келет. Эми Жангарач чыдабай мага ылайыктуу мал экен -деп, карматып алат. Менин агаларым: Байсейит, Бошкой чатак кылат, мен келгенче уруштурбай, эптеп кармап турсаң, калганын өзүм билем дейт. Бул чоң ат чабышта "Көк-Шалкы" чыгып келет. Айтылгандай Жангарач жигиттерин жиберип, -"Көк-Шалкыны" алып келгилечи мага ылайыктуу мал экен!- дейт. Анткени уруу башчыларынын өз уруусундагы каалаган нерсесин алып коюшу адаттагы эле көрүнүш болгон. Ага каяша айтуу болбойт эле.

## Байтик баатыр баяны

Талкандын баласы Кошойдон:- Жамансарт андан Түлөберди андан Канай андан Байтик баатыр (Канайдын токол аялы Эренчеден төрөлөт). Байтик баатыр да Солто уруусунан чыккан манап.

1840-жылы Байтик аяш атасы Ажыбек даткадан манасчы Балыкоозду сурап, Таластан бир топ түтүн эли менен кошо (Саруу, Кушчу, Кытай, Солто элин) Чүйгө көчүрүп келген. Себеби бул уруулар ар кандай себептер менен Таласта Ажыбек датканын элинде турган экен да. Байтик Чүй өрөөнүнө көчүп келгенде, кандай болбосун бийликти колго алам, Солто элин бийлейм -деп ойлогон. Бирок иш ал ойлогондой болгон жок. Ал учурда Эшкожонун уулу Жангарач Солто элин бийлеп турган. Байтик Чүйгө келээрден мурда Жантай хан Жангарачтын кызына Шабданды кудалап, сөйкө салдырып кеткен. Кийин Шабдан күйөөлөп келип "Жангарачтын тайраңдаган эрке кызын албайм"-деп атасына айттырганда, Жантай баласын чакырып алып: -"Ой жаман кем, сага мен Жангарачтын жаман кызын алып берип жатыптырмынбы? Солтону алып берип жатам, кыңк этпей ала бер, сага катын жокпу?-андан кийин каалаган сулуу кызыңды ала бер кем!"-деп тилдеген экен. Байтиктин атасы Жангарачтын атасы менен бир тууган. Ошондуктан Жангарачтын кудасы Байтикке да куда болот.

Ошентип Байтик Балыкооз манасчыны ээрчитип Жантай хандыкына барат. Байтик Жантай менен

көкүрөгүндө өйүп жүргөн маселелер боюнча сүйлөшөт. Ал маселе Кокон хандыгынын көкөйгө тийген эзүүсү болгон. Кокон хандыгы жер-жерлерге чеп салдырып Сарбаздарды, Сыпайыларды кармап, ар түрлүү салыктарды: зекет, үшүр, хан салыгы, жол чыгымы, садага ж.б. алып турган. Баарыдан мурда, ордо кыздарды жыйнап алышы-элдин кыжырын келтирген.

Жантай -каапырлыгы болбосо орустарга кошулуп алсак жакшы болот эле, сарттардын чыгымы элди бүлүндүрүп жиберди деген оюн айтат. Жантайдын мындай сөзү Байтиктин оюна да туура келет. Байтик Жантайдыкына бир айга жакын жатып калат. Кетеринде Байтикке күлүк ат "Көк-Шалкыны" берип узатат. Ошол кезде Чүй боюнда, Жыламышта чоң аш болуп, баш байгеге төө баштаган көп мал сайылат. Казак, Кыргыздан тандалып далай күлүктөр келет.

Ошондо Байтик "Балыкоозго" айтат -мен түпкү сүрөөгө кеттим, бул жолу да "Көк-Шалкы" чыгып келет. Эми Жангарач чыдабай мага ылайыктуу мал экен -деп, карматып алат. Менин агаларым: Байсейит, Бошкой чатак кылат, мен келгенче уруштурбай, эптеп кармап турсаң, калганын өзүм билем дейт. Бул чоң ат чабышта "Көк-Шалкы" чыгып келет. Айтылгандай Жангарач жигиттерин жиберип, -"Көк-Шалкыны" алып келгилечи мага ылайыктуу мал экен!- дейт. Анткени уруу башчыларынын өз урuусундагы каалаган нерсесин алып коюшу адаттагы эле көрүнүш болгон. Ага каяша айтуу болбойт эле.

Байге талашып чырдашкан кезде Балыкооз арага түшүп: "аттын ээси Байтик келсин" -деп чырды таратат.

Ошондо Байтик Балыкоозду ээрчитип алып Жыламыштын башындагы Жангарачтын үйүнө барат. Барса "Көк-Шалкыны" Жангарач өзү жетелеп, эки жагын карап, аттын сулуу келбетине таңыркап турган экен. Жангарач келген Байтикти көрүп ачууга алдырып ийеби деп: -"Балам!, карыганда бир жылкыңа бийлик кылып койдум"-деген экен.

Байтик:- жылкы ээсин таалтыр, сизге ылайык мал экен -дейт. Бул сөзгө Жангарач ыраазы болуп -атыңдан түш балам, батамды берейин, -деп алкоосун айтат.

Ошондон кийин, ар түрлүү иш чыгып калса эле,- "Байтикти чакыргылачы, ошол чечип койсун"-деп калган дейт. Ошентип бийлик байкалбай Байтиктин колуна өтүп кетет. Солто элин Байтик бийлеп, каалаганын жасап калат.

Кокон хандыгынын Пишпектеги чебинин башчысы Рахматуллага Байтик Солто элинин башкы манабы катары барып, таанышып баласын ошол чептеги молдого дин окуусуна берип кайтат. Байтик казак кудасы Керим датка аркылуу Алма-Атада пристав болуп турган - Г.А.Колпаковский менен сүйлөшөт. Колпаковский Байтикти генерал Черняев менен тааныштырат.

Ортодон алты ай өткөндөн кийин Пишпектеги чеп башы Рахматуллону конокко келип кетсин -деп, киши жиберет. Рахматулло Байтикке ишенээрин же ишенбесин билбей ойлонуп турганда:- Байтик, чоң тойго

камынып жатат, баласын сүннөткө отургузганы жатат деп, барган жигит айта салат. Рахматулло кырк сарбаз алып конокко барат.

Байтик, Боз-Бөлтөктүн тегиз жерине конок үй тиктирип, Рахматуллону "кубанып" тосуп алат.

Байтик камдап койгон беш жүз жигитти Бөлөкбай Корчу баатырга башкартып, өзүнүн Байгазы, Көкүм деген туугандарын кол башчы кылып кошуп берет. Көкүм Байтиктин "Кер-Кашка" аргымагын минип бөгөттө турат. Алдын-ала акылдашкан сөз боюнча Байтик, баардыгы жайланып бүткөндөн кийин топусун өйдө көтөрүп белги бермек болот.

Ал, Рахматулло шек албасын -деп, жайма-жай, ал-жай сурап, үйгө киргизип кымыз бердирет. Ошол убакта тыштагы илегечи жигиттин бири аттардын оң жагындагы үзөңгүсүн кыркып салат. Болжогон убакытта Байтик шарт эшикке чыгып топусун көтөрүп белги берет. Аны байкап калган сарбаздар жанталаша эшикке умтулушат. Эшик ага болуп турган Байтиктин жигиттери аларды чыгарбай тосот. Ага болбой беш-алты сарбаз Рахматуллону боз үйдөн сүйрөп чыгып, атына көтөрүп мингизип жиберет.

Рахматулло күлүк аты менен качканда куугунчулар жетпей калат. Ошондо жолдо күзөттө турган Көкүм туурасынан качырып келип Рахматуллону сайып түшүрөт. Кумдун үстүнө кулап түшкөн Рахматулло Көкүмгө жан соогалап жалынып жатканда, Байтик жетип келет:

- Аа, баччагар, жан таттуу бекен?! -деп башын ыргыта чабат. Байтик Рахматуллону өлтүргөндөн кийин чептин айланасындагы "чалаказактарды" (сарт, уйгур, казак, сыпайылардын жардамчылары) чаап, тогуз жүздөй кишисин колго түшүрүп, дүйнө-мүлкүн талап, малдарын айдап кетишет. Бул болсо 1862-жылы жай айларында болгон окуя.

Кийинки жылы күзүндө генерал Черняев солдаттары менен келип Токмок, Пишпек чептеринен кокондуктарды айдап чыгат. Ага Сарбагыш, Солто элдери да жардамга барган. Ошондо Байтикке "капитан" деген наам берип, "Султан"-деп атаган. Байтик 1886-жылы кайтыш болуп, сөөгү Байтиктин Боз-Бөлтөк деген жерине коюлган.

## Койлон (кооз жедигер)

Дөөлөстүн экинчи аялы Көк-Мончок деген калмак ханынын кызынан Элчибек төрөлөт.

Элчибектен:- Атамат, Алыбек, Жунус деген балдар болуп, баштары таз болгон үчүн "таздар" аталып калган. Мындан таздар урусу тарайт.

Атаматтан:- Беке, Чапча деген эки уул болуп. Чапча тукуму "Саркалпак" аталат. Алыбектен:- Моюнчу (булар Кочкордо). Надырбек элинде Шарше, Набай уулдары бар.

Жунустан:- Тобокел, андан Рыйымбек, Шайбек, Дайырбек.

Райымбектен:- Стам, Эсенгул, Жаман, Кубат, Мамбет деген уулдары болгон.

Шайбектен:- Боготой андан Карагул, андан Таштанбек, Тазабек, Алым.

Таштанбектен:- Бозумбай, андан Мүсүраалы андан Максүт. Тазабек убагында кадырлуу киши болуп, Солтоной, Жылкычы, Ногой деген балдары Кочкор районунда Борукчу элинде турушат.

Солтонойдон:- Деркембай болгон.

Бекбоодон:- Нурке, Жаныке деген эки уул болгон. Жаныкеден:- Черикчи, Боктубай.

Черикчиден:- Эшмурат, андан Токо, Ныша, Шапак. Айа, Байтөрө, Жаманболот, Токтоболот, Курман, Ийгилик, Карбоз.

Боктубайдан:- Бики андан Жакып, андан Жамантай, Жабагы.

Нарын облустук китеп... № 56280 сбо

Жамантайдан:- Жаңыбай.Андан Абыке.

Жабагыдан:-Жумабай, андан Төлөгөн.

Эшмураттын Жанболот деген уулунан Чоңчокой, Кичичокой жана Токодон- Качы, андан Күнтүүган, андан Оторбай, андан Төлаалы.

Чоңчокойдон:- Боруке, андан Ниязаалы, Калбай жана Чапчан, Эшмат. Эшматтан:- Биткөчөк, андан Бердикожо. Бердикожодон:- Байбото андан Кошой, Раманберди.

Кичичокойдон:- Өмурзак, андан Шайык.

## Тагай бийдин Карачоро уулу жөнүндө

Тагай бий (Ташкент 1523-1525 жылдары) Кожентте Ереше ханга ак үйлүү болуп барып ордо кызы Насиге үйлөнөт. Эки жылдык мөөнөтү бүтүп элине кетеринде аялы Насинин боюнда болот. Аялын ала кетүүгө Ереше хан уруксаат берген эмес. Аялы Насиге айтат;“ эгер кыз төрөп калсаң өзүң билип атын коюп конушуңа кондур, эгер эркек болсо атын Карачоро кой”- деп, кестигин жана мөөр шакегин берип. Эр жеткенде мени издетип жибер, мен Чүй боюнда же Кетмен-Төбөдө болом деп жүрүп кеткен экен.

Наси эркек төрөп атын Карачоро коёт. Тагай бийден кийин бир сартка тийип андан бир уул төрөлүп алардын тукуму “Барын” уруусун чакырып Карачоро менен энелеш болгон.

Карачоро чоңойуп атасы Тагай бийдин осуяты боюнча, атасын издеп чыгат. Жолдон азык көтөртүп бир бала жана селсаяк жүргөн баланы кошуп алат. Кетмен-Төбөдөн Тагай бий өзүнүн баласы Карачорону өзү берген мөөр шакегинен, болот кестигинен тааныйт. Ошондо Тагай бий бул балдар ким?-деп сурайт. Жолдо келе жатканымда бул балага азык көтөртүп алдым, ал эми бул бала селсаяк болуп жолдон бизге кошулуп калды -деп Карачоро айтат. Анда бул азык көтөрүп келген бала “Азык” болсун, ал эми сел саяк бала “Саяк” болсун деп атын коюп, булар да менин балдарым деп той берип багып калган экен. Бул элде айтылган

санжыра окурман, бирок тарых барактары далилдегендей "Азык", "Саяк" уруулары кыргыздын түпкү уруулары экенин эсиңиздерге алыңыздар.

Карачородон:- Багыш (андан Барын уруусу тарайт).

Багыштан:- Куттуксейит, Көкүм.

Куттуксейит "Кара багыш" уруусу аталып кетет.

Көкүмдөн:- Кантейиш андан Аккочкор, Кангы

( "Көкүм багыш" уруусу аталат).

### Азык уруусу жөнүндө

Карачоро менен бирге азык көтөртүп келген үчүн, Тагай бийге бала болгон деп айтылат. Азыктар байыркы учурда "аз" деген ат менен аталып жүргөн уруулардан. Байыркы жоокерчилик замандын заң - закону боюча бир элдин уруу уруктары ичинде тынымсыз кагылыштар болуп турган. Ал согуштар: ичи тарлыктан, ач көздүктөн, бийлик талашуудан башталып, аз уруулар жоголуп айрым уруулар өсүп көбөйүп турган. Азыктар дал ошондой тагдырга дуушар болуп, биздин мезгилге "аз" урук болуп жеткен.

Азыктан: - Кашкелең, Кашкары.

Кашкеленден:- Байкүчүк, Бычман, Бөрү.

Байкүчүктөн:- Элчибек, Карабагыш.

Бычмандан: Козукуна, Топой, Көбөн, Базарчы, Карагоной.

Бөрүдөн:- Касиет, Наамай, Этибар, Дөөлөт. Булардан көп тукум тарайт. Азыктардын негизги тобу Сарыбагыш ичинде болуп, Кочкор, Ак-Талаа, Ат-Башыны жердешет. Чачыраган майда топтору Ысык-Көлдө, Таласта, Чымкоргон айылынын тегерегинде да бар.

## Саяк уруусу жөнүндө

Санжыра боюнча Тагай бийдин уулу Карачоро ээрчите келген бала "Саяк" уруусу деп аталат.

Саяктан: - Алакөз, Кабаа, Чекир үч ата "Саяк" аталат.

Алакөздөн "Алакөз" уруусу тарайт. Алар Ысык-Көлдүн аяк жагына жайлашкан.

Кабадан: - Түнкатар, Түнтөй, Өйдөчекти, Кутунай.

Түнтөйдөн: Актери, Бостери, Абат, Дуулат.

Актери, Абат тукумдары Нарында болуп, Дуулат тукуму Анжианда.

Бостериден: Элтынды, Досой булар Ысык-Көлдүн Долоноту деген жеринде жана Жумгалда да бар.Бостери тукумдары Кудайменде, Шерен, Ботугур, Каракучкач, Жамантай, Досой уруктарга бөлүнөт.

Элтынды уругунан Кетирекей болуп, андан Ырайымбек, андан Баатыркан болгон. Баатыркан өз убагында чоң болуп, Алакөз, "Каба" уруктарын бийлеген.

Кабанын экинчи аялынан -Шыкмамат.

Цыкмаматтан:- Кудаш, Култай деген эки уулу болгон.

Култайдан: Бакты, Ороз, Бөөбүй.

Кудаш бийден: Курткамерген, Бектемиш, Чороке болуп, Анжай, Ынжай деген тондуу (бакма) уулдары болгон.

Ынжай -мал саак киши болгондуктан малына карап айылдан бөлөк жайытка конгондугу үчүн "Бөлөкбай" аталып кеткен. Бөлөкбайдын Калматай, Токтогул, Белек деген балдары болгон. Токтогулдан Чиркей, Олжобай, Чоңчарык деген уулдары болуп, үч урукка бөлүнөт. Белек тукуму Алдаяр аталган. Анжайдан:- Кожояр, Кулжа эки уул болот. Кожоярдан:- Асказан, Эсембай, Эсентүнүл, Ырыстай деген төрт уулу болуп, төрт ата Кожояр аталат. Кулжа менен бешөө.

Бектемиштен Шайбек, андан Кожош, Кудаяр, андан Жайыл, Назар, Кудайменде, Чулум деген төрт уул болгон. Жайылдан Касы, андан Ырысменде, Кангелди, Байгелди, Төлөгөн деген балдары болот.

Кангелдиден Осмонкан, Мамыт. Кудаярдан Назар уулу, Кудаймендеден Кудайменде уулу, Чулум уулунан Чулум уулу болуп, Чулумдан Жоруп, андан Нурдөөлөт. Нурдөөлөт убагында баатыр киши болгон. Нурдөөлөттөн Чолпонбай.

Өйдөчектилер Жумгалды, Тогуз-Торону жердешет.

Шыкмаматтан:- Кудаш, Култай деген эки уулу болгон.

Култайдан: Бакты, Ороз, Бөөбүй.

Кудаш бийден: Курткамерген, Бектемиш, Чороке болуп, Анжай, Ынжай деген тондуу (бакма) уулдары болгон.

Ынжай -мал саак киши болгондуктан малына карап айылдан бөлөк жайытка конгондугу үчүн "Бөлөкбай" аталып кеткен. Бөлөкбайдын Калматай, Токтогул, Белек деген балдары болгон. Токтогулдан Чиркей, Олжобай, Чоңчарык деген уулдары болуп, үч урукка бөлүнөт. Белек тукуму Алдаяр аталган. Анжайдан:- Кожояр, Кулжа эки уул болот. Кожоярдан:- Асказан, Эсембай, Эсентүңүл, Ырыстай деген төрт уулу болуп, төрт ата Кожояр аталат. Кулжа менен бешөө.

Бектемиштен Шайбек, андан Кожош, Кудаяр, андан Жайыл, Назар, Кудайменде, Чулум деген төрт уул болгон. Жайылдан Касы, андан Ырысменде, Кангелди, Байгелди, Төлөгөн деген балдары болот.

Кангелдиден Осмонкан, Мамыт. Кудаярдан Назар уулу, Кудаймендеден Кудайменде уулу, Чулум уулунан Чулум уулу болуп, Чулумдан Жоруп, андан Нурдөөлөт. Нурдөөлөт убагында баатыр киши болгон. Нурдөөлөттөн Чолпонбай.

Өйдөчектилер Жумгалды, Тогуз-Торону жердешет.

Бөрүдөн:- Касиет, Наамай, Этибар, Дөөлөт. Булардан көп тукум тарайт. Азыктардын негизги тобу Сарыбагыш ичинде болуп, Кочкор, Ак-Талаа, Ат-Башыны жердешет. Чачыраган майда топтору Ысык-Көлдө, Таласта, Чымкоргон айылынын тегерегинде да бар.

## Саяк уруусу жөнүндө

Санжыра боюнча Тагай бийдин уулу Карачоро ээрчите келген бала "Саяк" уруусу деп аталат.

Саяктан: - Алакөз, Кабаа, Чекир үч ата "Саяк" аталат.

Алакөздөн "Алакөз" уруусу тарайт. Алар Ысык-Көлдүн аяк жагына жайлашкан.

Кабадан: - Түнкатар, Түнтөй, Өйдөчекти, Кутунай.

Түнтөйдөн: Актери, Бостери, Абат, Дуулат.

Актери, Абат тукумдары Нарында болуп, Дуулат тукуму Анжианда.

Бостериден: Элтынды, Досой булар Ысык-Көлдүн Долоноту деген жеринде жана Жумгалда да бар.Бостери тукумдары Кудайменде, Шерен, Ботугур, Каракучкач, Жамантай, Досой уруктарга бөлүнөт.

Элтынды уругунан Кетирекей болуп, андан Ырайымбек, андан Баатыркан болгон. Баатыркан өз убагында чоң болуп, Алакөз, "Каба" уруктарын бийлеген.

Кабанын экинчи аялынан -Шыкмамат.

Шыкмаматтан:- Кудаш, Култай деген эки уулу болгон.

Култайдан: Бакты, Ороз, Бөөбүй.

Кудаш бийден: Курткамерген, Бектемиш, Чороке болуп, Анжай, Ынжай деген тондуу (бакма) уулдары болгон.

Ынжай -мал саак киши болгондуктан малына карап айылдан бөлөк жайытка конгондугу үчүн “Бөлөкбай” аталып кеткен. Бөлөкбайдын Калматай, Токтогул, Белек деген балдары болгон. Токтогулдан Чиркей, Олжобай, Чоңчарык деген уулдары болуп, үч урукка бөлүнөт. Белек тукуму Алдаяр аталган. Анжайдан:- Кожояр, Кулжа эки уул болот. Кожоярдан:- Асказан, Эсембай, Эсентүнүл, Ырыстай деген төрт уулу болуп, төрт ата Кожояр аталат. Кулжа менен бешөө.

Бектемиштен Шайбек, андан Кожош, Кудаяр, андан Жайыл, Назар, Кудайменде, Чулум деген төрт уул болгон. Жайылдан Касы, андан Ырысменде, Кангелди, Байгелди, Төлөгөн деген балдары болот.

Кангелдиден Осмонкан, Мамыт. Кудаярдан Назар уулу, Кудаймендеден Кудайменде уулу, Чулум уулунан Чулум уулу болуп, Чулумдан Жоруп, андан Нурдөөлөт. Нурдөөлөт убагында баатыр киши болгон. Нурдөөлөттөн Чолпонбай.

Өйдөчектилер Жумгалды, Тогуз-Торону жердешет.

Түнтөй уругу Кетмен-Төбө, Үчтеректен ары Кызыл-Үңкүргө чейин жайлашкан. Чоңколор да ошол жерде. Актери, Бостерилер Ысык-Көлдө, Жумгалда.

Чекирден:- Үчкуртка, Түгөл.

Түгөлдөн:- Осмон, Жараш, Курманкожо.

Курманкожодон:- Курчак, Монок, Медет, Нусуп, Балбак, Байталчы, Катаган.

Үчкурткадан:- Аккабак, Ыман, Кудайберди.

Кудайбердиден:- Кулжыгач. Чоро.

Кулжыгачтан:- Күрүчбек, Сүтэмген, Итэмген. Булардын ичинен Чоро Саягы Ак-Талаа, Тогуз-Тороодо. Булардан Атантай, Тайлак болот.

Тайлактан:- Осмон.

Чекирдин уулу Түгөл бай болуп, Жумгал, Суусамыр, Таластын башына чейин жайлаган.

## Тайлак баатыр баяны

Тайлак Ак-Талаа, Тогуз-Торону жердеп турган. Саяк Тойматтан- Жанболот, андан Ырыскул, Кожоберди, Байбагыш, Эраалы, Бегаалы, Дербишаалы, Ырысменде, Алдаяр. Ырыскул бийден Атантай, Тайлак. Тайлактын чоң атасы Жанболот болгон. Жанболот баатыр киши болгон. Эки жакка жортуулга көп чыккан. Жакын бир тууганы Берикти ээрчитип алып, жер чалып жүргөн. Ал бир күнү Чатыр-Көлгө (Ак-Сайдагы) барып жер көрүп, аңчылыкта ойноп жүргөн кытай улугунун баласын өлтүрүп салышат. Кытайлар иликтеп жүрүп Жанболотту, Берикти Тогуз тороонун Жыртак - Үңкүр деген жеринен колго түшүрүп түп Бээжинге алып кетет.

Ал ортодон он жыл өтөт. Жанболоттун балдары ошол Тесек уруусунан чыккан Тобок деген алп балбанды жалдап Бээжинге жиберет. Тобокту ат көтөрө алчу эмес экен. Тобок жөө жүрүп олтуруп үч ай дегенде түп Бээжиндин ханына барат. Ханга Жанболот, Берик деген туугандары он жылдан бери зынданда жатканын айтат.

Кытай ханы: "андай болсо үч шарт коём, аны аткарсаң туугандарыңды зындандан чыгарып берем"- дейт. Тобок алп макул болот.

Бул үч шарт төмөнкүчө:

1: Сен чөк түшүп олтурганда менин балбаным көкүрөккө тээп жыгат. Жыгылбай калсаң мөрөй сеники болот.

2: "Түрмөнүн чоюндан жасалган дарбазасын өзүң жеке ача алсаң экинчи шартты аткарасың"-дейт. Ал дарбазаны алты качыр менен тарттырып араң ашчу экен.

3: "Зындандын ичине киргенде миңдеген күнөөкөрлөр бар. Алардын ичинен туугандарыңды таанысаң аласың"-дейт кытай падышасы.

Базар күнү чоң аянтка эл жыйылып, Тобок алп чөк түшүп олтуруп берет. Кытайдын атайын машыккан балбаны бир чыңалып алып Тобок алпты далыга тепкенде өбөктөй түшүп жыгылган эмес экен кайран алп. Тобок алп өйдө туруп: "Оо падышам, кезекти мага берип көрбөйсүзбү?" -деп өтүнөт. Падыша "макул" дегендей башын ийкейт. Чөк түшүп олтурган кытайдын балбанына "бөлп-бөлп" этип желип келип, оң буту менен далортого тепкенде сөөктүн кычыраган дабышы алда-кайда угулуп, оозунан кан кетип, жан таслим болгон экен.

Экинчи шарт боюнча чоюн дарбазанын чынжырын мойнуна арта салып, чирене тээп тартканда дарбаза ачылат.

Үчүнчү шартты аткарууга абакка кирсе, миңдеген кишилердин баштары эле зоолудан чыгып, сакал-муруту, чачы өскөн тааныганга мүмкүнчүлүк жоктугун көрөт. Ошондо Тобок алп болгон үнү менен "Жанболот аке..."-деп кыйкырат. Тыңшайт... Жооп болбойт. Качан гана үчүнчү жолу кыйкыргандан кийин "мындабыз"-деген үзүл кесил үндү уулап барып, экөөнү колтугуна

кысып абактан алып чыгат. Ошентип Тобок алп үч шартты тең жеңип чыгат.

Кытай ханы анын чоңдугуна жана балбандыгына таң калып, бир тууганларын чыгарып берет. Жолдо келе жатканда Берик өлөт. Сөөгүн көтөрүп келип Арсланбабка коёт. Ал эми Жанболот өз элине аман-эсен келет.

Ырыскул бийдин балдары Атантай, Тайлак бой жетип калган кезде казактын төрөсү Эдиге кыргыздарга кол салат. Ошондо Талас өрөөнүндө катуу кармаш болот. Тайлак баатыр жеңишке ээ болот.

Дагы бир жолу кытайлар жети жүздөй кол менен Куртканын тегерегиндеги Тайлактын айылын чабат. Тайлак баатыр Ак-Талаа өрөөнүндөгү жигиттерди жыйнап капчыгайдан жол тосот. Атантай, Тайлактын Кожоберди, Болуш болушуп кытайларды кырат. Тайлак баатыр Кашкарды урушпай багындырган. Кашкарга хандык кылган.

Кокон хандыгы дагы көп кол менен келип, Ат-Башы, Тогуз-Тороо. Ак-Талааны басып алган жана Курткага чебин салган.

Тайлак баатыр көп эрдиктерди көрсөткөн. Айласы кеткен Кокон ханы Тайлакты өлтүрүү үчүн атайын табыптык кылган "кожону" жиберет. Ал кожо тамыр кармап, тумар чийип, дем салып жүргөн болуп, эл аралап жүргөн кезде Тайлактын шакыйы кармап, башы

ооруган кезден пайдаланып, башында бузук кан бар экен, мурдуңан кан алам деп ууланган макиси менен кан алат. Ошондон улам Тайлак дүйнө салат.

Оозэки санжырада чоң, мыкты чыккан, баатыр чыккан атанын он уулунун ичинен, бир эле мыкты чыккан баласынын аты аталып, калган туугандарынын аттары акырындык менен унутула берген. Мисал үчүн: Солто элинин ичинде жүргөн Шалта, Көкөй уруктарын айрым санжырачылар Солто ичиндеги "жетикулга" кошуп жиберген. Чындыгында кул тукуму эмес. Шалта, Көкөй, Мааке Солтонун Күнту, Чадан кийинки эле балдары.

## Моңолдор уруусу жөнүндө

Адигине, Тагайдын Наалы деген эжеси болуп андан тараган балдар Моңолдор уруусун түзөт. Ал мындайча болгон:

Байыркы убакытта Кашгар тарапта жашаган Нойгут уруусунан Болот хан деген болгон. Андан Кылыч хан төрөлөт, Кылыч хандың мурунку аялынан Дайыр, Көкө туулат. Кылычтын экинчи аялы балдарды өгөйсүп, жок кылууну көздөп Кылыч ханга жамандап балдарды өлтүрүүгө көндүрөт. Ал хан увазирине алыс алып барып өлтүрүп кел дейт. Балдар биз ак жеринен өлүмгө баратабыз бизди коё бер -деп, увазирге жалынышат. Ошондо увазир балдардын ич кийимин улактын канына боёп ханга алып барып берет.

Ал балдар качып отуруп Ат-башы, Арпаны басып Нарындын баш жагында Адигине, Тагайга келип болгон окуяны айтып берет. Тагай бий Дайырга төө кайтартып, Көкөгө уй кайтартып коёт.

Ошол мезгилде калмак ханы Корун той берип балбан күрөш кылат. Ошондо Көкө балбан күрөшкө мен чыгам дейт.

Бул жөнөкөй күрөш эмес жыгылсаң бүт кыргыздын жери сайылып жатат, ал гана эмес ошол жерде жыгылган балбандын башы алынат. Балбанга калмактын балбаны Шабро чыгат. Көкө Шаброну көтөрүп чабат. Анын башы алынат да кыргыз жерин бошотуп кетишет.

Ошондон кийин Адигине, Тагай кеңешип Наалы эжени Көкөгө алып берет. Андан Моңол деген уул туулат. Кийинчереек Көкө калмак кызынан токол алат, андан Дор туулат. Моңол менен Дордун тукуму Моңолдор уруусун түзөт.

Көкөнүн бир тууганы Дайыр:- “Мен улуу болсом, Наалыны мага алып бербей Көкөгө алып берет”-деп, таарынып казак элине кетип калат. Казак элинин ичинде Дайырдан тараган тукум -“Жалайыр” аталып калган.

Көкө кыргыз ичинде, кадыр баркка ээ болгондон кийин кол курап, Нойгуттагы Кылыч хан атасын чапмак болот. Барса, бул кабарды угуп, бүт Нойгут элин көчүрүп качып кеткен болот. Кылыч хандын журтунда

ооруган кезден пайдаланып, башында бузук кан бар экен, мурдуңан кан алам деп ууланган макиси менен кан алат. Ошондон улам Тайлак дүйнө салат.

Оозэки санжырада чоң, мыкты чыккан, баатыр чыккан атанын он уулунун ичинен, бир эле мыкты чыккан баласынын аты аталып, калган туугандарынын аттары акырындык менен унутула берген. Мисал үчүн: Солто элинин ичинде жүргөн Шалта, Көкөй уруктарын айрым санжырачылар Солто ичиндеги "жетикулга" кошуп жиберген. Чындыгында кул тукуму эмес. Шалта, Көкөй, Мааке Солтонун Күнту, Чадан кийинки эле балдары.

### Моңолдор уруусу жөнүндө

Адигине, Тагайдын Наалы деген эжеси болуп андан тараган балдар Моңолдор уруусун түзөт. Ал мындайча болгон:

Байыркы убакытта Кашгар тарапта жашаган Нойгут уруусунан Болот хан деген болгон. Андан Кылыч хан төрөлөт, Кылыч хандын мурунку аялынан Дайыр, Көкө туулат. Кылычтын экинчи аялы балдарды өгөйсүп, жок кылууну көздөп Кылыч ханга жамандап балдарды өлтүрүүгө көндүрөт. Ал хан увазирине алыс алып барып өлтүрүп кел дейт. Балдар биз ак жеринен өлүмгө баратабыз бизди коё бер -деп, увазирге жалынышат. Ошондо увазир балдардын ич кийимин улактын канына боёп ханга алып барып берет.

Ал балдар качып отуруп Ат-башы, Арпаны басып Нарындын баш жагында Адигине, Тагайга келип болгон окуяны айтып берет. Тагай бий Дайырга төө кайтартып, Көкөгө уй кайтартып коёт.

Ошол мезгилде калмак ханы Корун той берип балбан күрөш кылат. Ошондо Көкө балбан күрөшкө мен чыгам дейт.

Бул жөнөкөй күрөш эмес жыгылсаң бүт кыргыздын жери сайылып жатат, ал гана эмес ошол жерде жыгылган балбандын башы алынат. Балбанга калмактын балбаны Шабро чыгат. Көкө Шаброну көтөрүп чабат. Анын башы алынат да кыргыз жерин бошотуп кетишет.

Ошондон кийин Адигине, Тагай кеңешип Наалы эжени Көкөгө алып берет. Андан Моңол деген уул туулат. Кийинчереек Көкө калмак кызынан токол алат, андан Дор туулат. Моңол менен Дордун тукуму Моңолдор уруусун түзөт.

Көкөнүн бир тууганы Дайыр:- "Мен улуу болсом, Наалыны мага алып бербей Көкөгө алып берет"-деп, таарынып казак элине кетип калат. Казак элинин ичинде Дайырдан тараган тукум -"Жалайыр" аталып калган.

Көкө кыргыз ичинде, кадыр баркка ээ болгондон кийин кол курап, Нойгуттагы Кылыч хан атасын чапмак болот. Барса, бул кабарды угуп, бүт Нойгут элин көчүрүп качып кеткен болот. Кылыч хандын журтунда

сырдалган кооз бешикке бөлөнгөн бала калат. Ал бала Кылыч хандын токолунун баласы болот. Көкө аны алып келип, аялы Наалынын колуна берет. Ал баланы "черүдөн" табылды -деп атын Черик_коюшат. Анын тукумунан Черик уруусу тарайт.

Чериктен:- Тору, Кудайкул, Тайсак.

Торудан -Тору уруусу тарайт.

Кудайкулдан:- Каба, Акчубак, Байчубак.

Тайсактан:- Чойбек, Мааке.

Булардын түпкү теги байыркы Нойгут уруусуна барып такалат.

"Моңолдор кыргыз элинин уюткусу"-деген лакап айтылып калган, анткени кыргыз урууларынын ичинен чачырап орношкондугу айтылат. Азыркы учурда моңолдор Ат-башы, Ысык-Көл, Чүй, Талас, Өзгөн, Карасуу, Базар-Коргон, Жаны-Жол, Ала-Бука, Чаткалда бар.

Моңолдордон:- Самансур, андан Бөгөнөк, Атаке.

Бөгөнөктөн:- Алагар, Кара, Сейитказы.

Алагардан:- Маана, Чагыр, Ырым, Сырдыбай, Каракурсак, Чекир.

Карадан:- Эсер, Конок, Жаныбек, Тогуз, Бообек.

Сейитказыдан:- Эшимбек, Назар, Акжан, Күчүк, Эштек. Кийин Сейитказынын тукуму "сөөк

шылдыр"аталып кетти. Атакеден:- Куттук, Кубаныч, Мендуулат. Булардын тукуму "Кыйра" аталды.

## Сарыбагыш уруусу жөнүндө

Кылжырдын аты - Сарыбагыш. Моюну тубаса кыйшык болгондуктан "Кылжыр" аталып калган.

Кылжырдан (Сарыбагыштан):- Орозбакты, Дөөлөс эки уул болду. Орозбактыдан:- Арыкмырза, Асанмырза, Карамырза, Мурзакул мырза, Токочмырза -булар бугу эли болуп Ысык-Көлдү жердеп, өз ичинен көп урууларга бөлүнүшөт.

Арык мырзыдан:- Балтатыр, Жоотатыр.

Балтатырдан:- Балбан Сарыке.

Жоотатырдан:- Көчөк андан Байым, Сейиткулу, Сейитказы, Калматай.

Сейиткулудан:- Тагай, Дөнөн. Тагайдан:- Нияз, Токтош, Тыныш, Кудайберди.

Токтоштон:- Ыкай, Самтыр, Байбөрү.

Самтырдан:- Жакып, Мырзабай. Ыйман.

Мырзабайдан:- Баркынбай, Чаргын.

Баркынбайдан:- Туматай.

Мырзакул мырзадан:- Тынымсейит, Алсейит.

Алсейиттен:- Жамангул, Бапа, Боор, Эшмукамбет, Кеңгирбай, Желдең.

Жамангулдан:- Кыдык, Белек, Төрөкочкор, Боккөтөн.

Белектен:- Алдаяр, Алдаш, Сатке, Кожош, Элчибай, Шүкүр, Тогузбай, Токой, Токоч.

Бирназардан(Алдаштын Бирназары): - Аалыбай, Нанжебес, Эсенаман, Баяки, Данияр, Муратаалы. Жылкыайдар, Айбаш, Куйбаш деген тондуу (бакма) балдары болгон.

Жылкыайдардан:- Тилекмат, андан Чыныбай, андан Жоломан, Баракан.

Аалыбайдан: Солтонкул, андан Сарыбай.

Сарыбай убагында чоң бай болгон.

Тынымсейит уругу:- Кабели, Шалтак, Мортук.

Шалтактан:- Чабалдай, Меңдибай,Бактыгул, Кабак.

Мортуктан:- Токтогул, Жаманак-Кашкары, Кемпирек, Кожояр, Аян, Тотуя.

Аяндан:- Байзак, Бердимат. Булар Нарындын Оттук, Эчки-Башы деген жерлеринде турушат.

Кемпирек, Кожояр тукуму- Бөрү-Жору деп айтылыт.

Кашкарыдан:- Ырыс, Торгой.

Ырыстан:- Сопу, Чалбай, Молтой, Топчүчөк.

Булар Нарындын Мин-Булак айлында турушат.

Торгойдон:- Сырдыбай, Сырымбет, Сарбала, Жумаш.

Сарбала тукуму "Уранкай" аталып кеткен.

Сарбаладан:- Кожомкул

Кожомкулдан:- Боку, Жапый андан Тыныбек жомокчу, андан Актан комузчу жана Сооронбай.

Актандан:- Алай, Табылды (Табылды Актанов - кыгыз эл артисти). Булар Нарындын Мин-Булак айылында жашап турушат.

Сырдыбайдан:- Байтемир, Темиржан, Текеш, Жоодан.

Байтемирден:- Боку, Токтордон Ашыр, андан Арзымат, андан Исадан Ырыскул.

Токтогулдан:- Дөлөй, Акбагыш, Дүрбөөн, Чыйбыт, Термечик.

Чыйбыттан:- Мамаке, Атасары, Айдарбек, Абылаке.

Айдарбектен:- Нанай, молдо Байток. Булар Нарындын Орто-Нура деген жеринде жашап турушат.

Акбагыштан:- Үркүнчү, Нооруз, Байказак, Былжык, Мөнкө, Сырымбет.

Байгазактан:- Эрназар-Ысмайыл-Чаргын-Ысабек.

Үркүнчүдөн:- Шопок, Бөжөкөй, Бердике, Асанбай.

Шопоктон:- Чоробай, Көзайдар, Боогачы, Ажыбай, Кожо, Ысак, Таңсык, Жаманбай.

Чоробайдан:- Алжан, Буйлаш.

Алжандан:- Байшери, Досмат, Жамангул.

Таңсыктан:- Эсенбек, Бөрү.

Бөжөкөйдөн:- Сарык, Тожук, Калжа.

Сарыктан:- Аалыке, Баястан, Айылчы, Нусуп, Атаке, Матай, Атабек.

Төлөмүштөн:- Кожомжар андан Аргын, Шоорук, Саалы, Шааке, Булан- Чынгыш, Байтели, Байгазы, Шамин, Сапал, Садыр.

**Дөөлөс уруусунун таралышы боюнча**

Ал эми Дөөлөстөн;- Токо, Жантай, Элчибек, Манап төрт уул болот.

Ал эми Манап, Дөөлөс бийдин Жезбийке деген токол аялынан болуп, Жезбийкенин боюнда болгондо, Меншек байбиче ичине кийиз тартынып жүрүп, Жезбийке төрөгөндө мен туудум деп атын - Манап койгон. Ошол себептүү "кийиз курсак Меншек байбиче" аталган экен.

Ошентип Дөөлөс бийдин чоң үйүн ээлеген да, бүтүн сарыбагыш элин бийлеген да Манаптын тукумдары болгон.

Манаптан:- Сүтүке, Сүтөй эки уул. Биринчи аялы Кызбийкеден Сүтүке, экинчи аялынан Сүтөй төрөлөт. Сүтүкенин, боюнда бар аялынын курсагын жарып алган уул аман калып, алардын тукуму "Жарбаң" аталды.

Ал эми Сүтөйдөн:- Сарсейит, Тугур. Тугурдан -Эшим, Чоң-Чарык уруулары тарайт.

Сарсейиттен:- Үчүке, Түлкү, Кудаян үч уул болду.

Түлкүдөн:- Тынай. Анын биринчи аялынан: Сатыбалды. Атаке. Экинчи аялынан: Сокур, Бекмурат, Арзыгул, Рыскул.

Атаке баатырдан:- Абылай, Солтоной, Карабек, Таштанбек, Байкиши, Жанкиши -алты уул болду.

Абылайдан:- Абаке, Дабаке, Кудайменде, Кулсары, Тайсары болду.

Солтонойдон:- Сооронбай, Жумаш, Дүр болду.

Карабектен:- Жантай, Телтай, Молтой, Маргозу.

Жантай хандан:- Шабдан, Мамыт, Искендер, Төлө, Иманаалы, Муңайтбас деген балдары болот. Жантай хандын 6 аялынан 11 уул болгон. Алтынчы аялы айтылуу Акмөөрдөн Муңайтбас төрөлгөн.

Ал эми Үчүкөдөн:- Маматкул, Дөөлөткул, Бердигул, Кадия, Эрдене.

Дөөлөткулдан:- Надырбек, Бай, Карамурат, Шайбек, Бусурман.

Булар да өз ара аттары боюнча урууларга бөлүнүп, Надырбек уулу, Бусурман уулу, Кубат уулу, Бердибек уулу, Адыл уулу, Абылай уулу деп аталышат.

Алсейиттен:- Жамангул, Бапа, Боор, Эшмукамбет, Кеңгирбай, Желдең.

Жамангулдан:- Кыдык, Белек, Төрөкочкор, Боккөтөн.

Белектен:- Алдаяр, Алдаш, Сатке, Кожош, Элчибай, Шүкүр, Тогузбай, Токой, Токоч.

Бирназардан(Алдаштын Бирназары): - Аалыбай, Нанжебес, Эсенаман, Баяки, Данияр, Муратаалы. Жылкыайдар, Айбаш, Куйбаш деген тондуу (бакма) балдары болгон.

Жылкыайдардан:- Тилекмат, андан Чыныбай, андан Жоломан, Баракан.

Аалыбайдан: Солтонкул, андан Сарыбай.

Сарыбай убагында чоң бай болгон.

Тынымсейит уругу:- Кабели, Шалтак, Мортук.

Шалтактан:- Чабалдай, Меңдибай,Бактыгул, Кабак.

Мортуктан:- Токтогул, Жаманак-Кашкары, Кемпирек, Кожояр, Аян, Тотуя.

Аяндан:- Байзак, Бердимат. Булар Нарындын Оттук, Эчки-Башы деген жерлеринде турушат.

Кемпирек, Кожояр тукуму- Бөрү-Жору деп айтылыт.

Кашкарыдан:- Ырыс, Торгой.

Ырыстан:- Сопу, Чалбай, Молтой, Топчучөк.

Булар Нарындын Миң-Булак айлында турушат.

Торгойдон:- Сырдыбай, Сырымбет, Сарбала, Жумаш.

Сарбала тукуму “Уранкай” аталып кеткен.

Сарбаладан:- Кожомкул

Кожомкулдан:- Боку, Жапый андан Тыныбек жомокчу, андан Актан комузчу жана Сооронбай.

Актандан:- Алай, Табылды (Табылды Актанов - кыгыз эл артисти). Булар Нарындын Мин-Булак айылында жашап турушат.

Сырдыбайдан:- Байтемир, Темиржан, Текеш, Жоодан.

Байтемирден:- Боку, Токтордон Ашыр, андан Арзымат, андан Исадан Ырыскул.

Токтогулдан:- Дөлөй, Акбагыш, Дүрбөөн, Чыйбыт, Термечик.

Чыйбыттан:- Мамаке, Атасары, Айдарбек, Абылаке.

Айдарбектен:- Нанай, молдо Байток. Булар Нарындын Орто-Нура деген жеринде жашап турушат.

Акбагыштан:- Үркүнчү, Нооруз, Байказак, Былжык, Мөнкө, Сырымбет.

Байгазактан:- Эрназар-Ысмайыл-Чаргын-Ысабек.

Үркүнчүдөн:- Шопок, Бөжөкөй, Бердике, Асанбай.

Шопоктон:- Чоробай, Көзайдар, Боогачы, Ажыбай, Кожо, Ысак, Таңсык, Жаманбай.

Чоробайдан:- Алжан, Буйлаш.

Байдан:- Ногой, Шыгай, Калыгул. Калыгулдан Күнтууган, андан Кененсары, андан Усубалы, Усубаалыдан Турдакун (Турдакун Усубалиев).

Маматкулдан:- Темир, Болот, Андагул, Көккөз.

Темирден:- Черикчи, Назар,Кулуке, Богачы.

Черикчиден:- Абайылда, Борколдой, Жаныбек, Жамангара, Мама, Карамende, Бекбото, Адылбек, Дайырбек, Карабай, Манапбай, Кенжетай деген уулдары болгон.

Абайылдадан:- Шербото, Нарбото, Төрөгелди баатыр, Шадыкан, Беки, Коондук, Капсалаң, Асыл, Басыл деген балдары болгон.

Болоттон:- Дайырбек, Айдаке, Татыгөтөн, Сураке, Аким болуп булар "беш күрөң" уруулары аталат.

Болот бий, Санчы-сынчыга сынатып Чагалдактын жесири Таалакени алып, андан Кожомшүкүр, Эсенгул деген эки уул болот.

Эсенгул убагында чоң болуп элди бийлеп өткөн. Эсенгулдун мурунку аялынан Асанбай, Үсөнбай, Найман. Экинчи аялынан:- Ниязбек, Кубат, Куттуксейит, Абдыраман, Карасарт, Шоорук жана дагы бир аялдан: Базар, Назар. Дагы бир аялынан: Айтбай, Керим, Жапар, Саткын жана дагы бир аялынан: Кудаяр, Субан. Дагы бир аялынан: Бекболот, Шамурат деген балдары болгон.

Бул балдарынын ичинен: Чаламанаптар, Борукчу уруулары тарайт.

Ниязбектен:- Бердибек, Бердикожо, Субан, Ажы, Ормон, Шатен, Кожобек, Рыскулбек деген уулдары болуп "Ниязбектин сегиз бек, телегейи тегиз бек"- деп аталып калган.Ниязбектин балдарынын ичинен Ормон өз убагында кыргыздын чоңу болуп, хандык даражага жеткен.

Ормондон:- Үмөтаалы, Чаргын, Сейликан, Үсөн, Аалы, Бакал- деген балдары болгон. Ормон 63 жашында адам колдуу болуп өлгөн (1790-1853).

Ушул манап урууларынын ичинен Ниязбектин Ажы уулунун Нарын багытында жашап турган чачыранды урууларды, Сарыбагыш урууларынын арасындагы Саяк, Моңолдор, Асык, Чечей, Чертки, Таштокум, Өзүк урууларын өз букаралыгында башкарып турган жана жердеген аймагы Эмгек-Талаа, Лайлы-Суу, Жалгыз-Терек, Баскыя, Кара-Чий, Тогуз-Булак, Жерге-Тал, Жаңы-Талап жана Кочкор районундагы Төлөктү кыштоо кылып (кар жаабайт, кара жер кышкысын жылуу) деп ээлеп турган Ажынын тукумдары жөнүндө толук маaалымат келтире кетейин. Булар Ажы эли аталып 90-100км жерге көчүп-конуп жашап келишкен. Мисалы: Эмгек-Талаага эгин айдап, Жерге-Талга жаздап, Кум-Бел, Сөң-Көлгө жайлап, Төлөккө кыштап көчүп-конуп жашоо өткөргөн эл экен да...

Алсейиттен:- Жамангул, Бапа, Боор, Эшмукамбет, Кеңгирбай, Желдең.

Жамангулдан:- Кыдык, Белек, Төрөкочкор, Бокктөтөн.

Белектен:- Алдаяр, Алдаш, Сатке, Кожош, Элчибай, Шүкүр, Тогузбай, Токой, Токоч.

Бирназардан(Алдаштын Бирназары): - Аалыбай, Нанжебес, Эсенаман, Баяки, Данияр, Муратаалы. Жылкыайдар, Айбаш, Куйбаш деген тондуу (бакма) балдары болгон.

Жылкыайдардан:- Тилекмат, андан Чыныбай, андан Жоломан, Баракан.

Аалыбайдан: Солтонкул, андан Сарыбай.

Сарыбай убагында чоң бай болгон.

Тынымсейит уругу:- Кабели, Шалтак, Мортук.

Шалтактан:- Чабалдай, Меңдибай,Бактыгул, Кабак.

Мортуктан:- Токтогул, Жаманак-Кашкары, Кемпирек, Кожояр, Аян, Тотуя.

Аяндан:- Байзак, Бердимат. Булар Нарындын Оттук, Эчки-Башы деген жерлеринде турушат.

Кемпирек, Кожояр тукуму- Бөрү-Жору деп айтылыт.

Кашкарыдан:- Ырыс, Торгой.

Ырыстан:- Сопу, Чалбай, Молтой, Топчүчөк.

Булар Нарындын Миң-Булак айлында турушат.

Торгойдон:- Сырдыбай, Сырымбет, Сарбала, Жумаш.

Сарбала тукуму "Уранкай" аталып кеткен.

Сарбаладан:- Кожомкул

Кожомкулдан:- Боку, Жапый андан Тыныбек жомокчу, андан Актан комузчу жана Сооронбай.

Актандан:- Алай, Табылды (Табылды Актанов - кыгыз эл артисти). Булар Нарындын Мин-Булак айылында жашап турушат.

Сырдыбайдан:- Байтемир, Темиржан, Текеш, Жоодан.

Байтемирден:- Боку, Токтордон Ашыр, андан Арзымат, андан Исадан Ырыскул.

Токтогулдан:- Дөлөй, Акбагыш, Дүрбөөн, Чыйбыт, Термечик.

Чыйбыттан:- Мамаке, Атасары, Айдарбек, Абылаке.

Айдарбектен:- Нанай, молдо Байток. Булар Нарындын Орто-Нура деген жеринде жашап турушат.

Акбагыштан:- Үркүнчү, Нооруз, Байказак, Быжык, Мөнкө, Сырымбет.

Байгазактан:- Эрназар-Ысмайыл-Чаргын-Ысабек.

Үркүнчүдөн:- Шопок, Бөжөкөй, Бердике, Асанбай.

Шопоктон:- Чоробай, Көзайдар, Боогачы, Ажыбай, Кожо, Ысак, Таңсык, Жаманбай.

Чоробайдан:- Алжан, Буйлаш.

Алжандан:- Байшери, Досмат, Жамангул.

Таңсыктан:- Эсенбек, Бөрү.

Бөжөкөйдөн:- Сарык, Тожук, Калжа.

Сарыктан:- Аалыке, Баястан, Айылчы, Нусуп, Атаке, Матай, Атабек.

Төлөмүштөн:- Кожомжар андан Аргын, Шоорук, Саалы, Шааке, Булан- Чынгыш, Байтели, Байгазы, Шамин, Сапал, Садыр.

**Дөөлөс уруусунун таралышы боюнча**

Ал эми Дөөлөстөн;- Токо, Жантай, Элчибек, Манап төрт уул болот.

Ал эми Манап, Дөөлөс бийдин Жезбийке деген токол аялынан болуп, Жезбийкенин боюнда болгондо, Меншек байбиче ичине кийиз тартынып жүрүп, Жезбийке төрөгөндө мен туудум деп атын - Манап койгон. Ошол себептүү "кийиз курсак Меншек байбиче" аталган экен.

Ошентип Дөөлөс бийдин чоң үйүн ээлеген да, бүтүн сарыбагыш элин бийлеген да Манаптын тукумдары болгон.

Манаптан:- Сүтүке, Сүтөй эки уул. Биринчи аялы Кызбийкеден Сүтүке, экинчи аялынан Сүтөй төрөлөт. Сүтүкенин, боюнда бар аялынын курсагын жарып алган уул аман калып, алардын тукуму "Жарбаң" аталды.

Ал эми Сүтөйдөн:- Сарсейит, Тугур. Тугурдан -Эшим, Чоң-Чарык уруулары тарайт.

Сарсейиттен:- Үчүке, Түлкү, Кудаян үч уул болду.

Түлкүдөн:- Тынай. Анын биринчи аялынан: Сатыбалды. Атаке. Экинчи аялынан: Сокур, Бекмурат, Арзыгул, Рыскул.

Атаке баатырдан:- Абылай, Солтоной, Карабек, Таштанбек, Байкиши, Жанкиши -алты уул болду.

Абылайдан:- Абаке, Дабаке, Кудайменде, Кулсары, Тайсары болду.

Солтонойдон:- Соорoнбай, Жумаш, Дүр болду.

Карабектен:- Жантай, Телтай, Молтой, Маргозу.

Жантай хандан:- Шабдан, Мамыт, Искендер, Төлө, Иманаалы, Муңайтбас деген балдары болот. Жантай хандын 6 аялынан 11 уул болгон. Алтынчы аялы айтылуу Акмөөрдөн Муңайтбас төрөлгөн.

Ал эми Үчүкөдөн:- Маматкул, Дөөлөткул, Бердигул, Кадия, Эрдене.

Дөөлөткулдан:- Надырбек, Бай, Карамурат, Шайбек, Бусурман.

Булар да өз ара аттары боюнча урууларга бөлүнүп, Надырбек уулу, Бусурман уулу, Кубат уулу, Бердибек уулу, Адыл уулу, Абылай уулу деп аталышат.

Байдан:- Ногой, Шыгай, Калыгул. Калыгулдан Күнтууган, андан Кененсары, андан Усубалы, Усубаалыдан Турдакун (Турдакун Усубалиев).

Маматкулдан:- Темир, Болот, Андагул, Көккөз.

Темирден:- Черикчи, Назар,Кулуке, Богачы.

Черикчиден:- Абайылда, Борколдой, Жаныбек, Жамангара, Мама, Карамende, Бекбото, Адылбек, Дайырбек, Карабай, Манапбай, Кенжетай деген уулдары болгон.

Абайылдадан:- Шербото, Нарбото, Төрөгелди баатыр, Шадыкан, Беки, Коондук, Капсалаң, Асыл, Басыл деген балдары болгон.

Болоттон:- Дайырбек, Айдаке, Татыгөтөн, Сураке, Аким болуп булар "беш күрөң" уруулары аталат.

Болот бий, Санчы-сынчыга сынатып Чагалдактын жесири Таалакени алып, андан Кожомшүкүр, Эсенгул деген эки уул болот.

Эсенгул убагында чоң болуп элди бийлеп өткөн. Эсенгулдун мурунку аялынан Асанбай, Үсөнбай, Найман. Экинчи аялынан:- Ниязбек, Кубат, Куттуксейит, Абдыраман, Карасарт, Шоорук жана дагы бир аялдан: Базар, Назар. Дагы бир аялынан: Айтбай, Керим, Жапар, Саткын жана дагы бир аялынан: Кудаяр, Субан. Дагы бир аялынан: Бекболот, Шамурат деген балдары болгон.

Бул балдарынын ичинен: Чаламанаптар, Борукчу уруулары тарайт.

Ниязбектен:- Бердибек, Бердикожо, Субан, Ажы, Ормон, Шатен, Кожобек, Рыскулбек деген уулдары болуп "Ниязбектин сегиз бек, телегейи тегиз бек"- деп аталып калган.Ниязбектин балдарынын ичинен Ормон өз убагында кыргыздын чоңу болуп, хандык даражага жеткен.

Ормондон:- Үмөтаалы, Чаргын, Сейликан, Үсөн, Аалы, Бакал- деген балдары болгон. Ормон 63 жашында адам колдуу болуп өлгөн (1790-1853).

Ушул манап урууларынын ичинен Ниязбектин Ажы уулунун Нарын багытында жашап турган чачыранды урууларды, Сарыбагыш урууларынын арасындагы Саяк, Моңолдор, Асык, Чечей, Чертки, Таштокум, Өзүк урууларын өз букаралыгында башкарып турган жана жердеген аймагы Эмгек-Талаа, Лайлы-Суу, Жалгыз-Терек, Баскыя, Кара-Чий, Тогуз-Булак, Жерге-Тал, Жаңы-Талап жана Кочкор районундагы Төлөктү кыштоо кылып (кар жаабайт, кара жер кышкысын жылуу) деп ээлеп турган Ажынын тукумдары жөнүндө толук маалымат келтире кетейин. Булар Ажы эли аталып 90-100км жерге көчүп-конуп жашап келишкен. Мисалы: Эмгек-Талаага эгин айдап, Жерге-Талга жаздап, Кум-Бел, Сөң-Көлгө жайлап, Төлөккө кыштап көчүп-конуп жашоо өткөргөн эл экен да...

Ниязбектин Ажы деген уулунан:- Ботокан, Бабакан, Абыкан болду.

Бабакандан: Карач, Тентимиш, Ысакан, Калча, Куланбай.

Карачтан:- Ногойбай, Мамбетжан, Дайыр.

Дайырдан:- Айдаргазы.

Ногойбайдан;-Маамыт андан Салымбек, Болот.

Мамбетжандан:- Мукамбет, Адылгазы, Абдыжапар, Карыбек.

Мукамбеттен:- Турат, Долоон.

Абдыжапардан:- Ыскак, Ысмаил, Ыбраим, Абдиазис, Акматбек.

Карыбектен:- Кемел, Адамгазы, Нургазы, Садык, Үсөн.

Булардын азыркы турган жери Нарындын «Кара-Чий», «Жерге-Тал» айылы болуп, «Ажы эли» - деп айтылат.

Субандан:- Мусаке, Адыл, Койгелди, Маңгелди, Жангелди.

Шатенден:- Качы, Мамбет андан Касмаалы, Кадыраалы, Эраалы, Нарынаалы. Касмаалыдан:- Айдараалы, Орунаалы, Акималы, Карабала, Бозмолдо.

Кожобектен:- Аматаалы деген уулу бар (булар шатен элинде болду).

Ырыскулбектин 15 баласы болгон. Биринчи аялынан: Кайдуу, Осмон. Токтобай, Шамбет, Мүсүраалы. Экинчи аялынан: Бешим, Бопутай, Аалыбай, Райымбек. Үчүнчү аялынан Мамаке, Шамаке. Төртүнчү аялынан: Райымкулжа, Райымбек жана бакма баласы Кумар, Жакып.

Кайдуудан:- Чоко, Сооронбай.

Чокодон:- Казы, Шергазы.

Сооронбайдан: Мүсүраалы, Акматказы, Имерказы, Сейдакмат, Шаякмат.

Мүсүраалыдан:- Кошойбай, Суранчы.

Кошойбайдан:- Садык молдо, андан Абдыкалык, Абдымамыт.

Абдыкалыктан:- Дүйшөнбек, Бейшенбек.

Абдымамыттан:- Батырбек, Ишенбек, Эркинбек, Жеңишбек, Эсенбек, Бакытбек.

Суранчыдан:- Сулайман, андан Акмат, андан Мукаш, Төлөмүш, Султан.

Ниязбектин бир аялынан Стам сегиз бир тууган болуп, Кемин шаарчасында турушат.

Ниязбектин казак аялынан Түлкү жалгыз болуп, андан Тезекбай, Кооман.

Тезекбайдан:- Атакан, Мамбет, Сулайман.

Ушул «Манап бийдин» урпактары жөнүндө, көп санжыраларда кенен, толук жазылып калган үчүн кызыккандар болсо китепканалардан таап алып окусаңыздар толук маалымат аласыздар.

Оозеки санжырада айтылып калган Шабдан баатырдын бир окуясы жөнүндө.

Күндөрдүн бир күнүндө Шабдан баатыр Кочкор, Жумгалды көздөй баратып Кочкордогу Бай уулунун Көбөгөн ажыныкына кайрылып калат.

Көбөгөн ажы келген конокту (Шабданды) куштап, жакшылап тосуп алып тай союп, козу союп конок кылат. Ошентип Шабдан баатыр сый көрүп, конок болуп турган маалда Көбөгөндөн сурайт экен: Бул силердин элде Саза баатыр барбы?- дейт.

Анда Көбөгөн: Бар ал Саза аксакал кошуна айыл Кара-Коодо турат, жашы токсондон ашып калды, али да акылы кадимкидей -дейт.

Шабдан баатыр ошол Саза аксакал менен маектешсем болот эле дегенде, анда ал кишини алдырып келейин, сиз менен бирге конок болуп кетсин -деп алдырып келет.

Шабдан баатыр менен Саза аксакал маектешип отурганда, Сазадан сурайт. Сизден бир сыр сурайын дедим эле, эгер айып көрбөсөңүз түз калыстыгыңызды айтып берсениз, баласы деп мага кошоматтанбай, тууганым деп өзүңүзгө тартпай калыс сөзүңүздү айтыңыз. Сиз убагында хан Жантайга да, кийин Ормон

ханга да кызмат кылып жүргөн экенсиз. Ошол эки хандын кимиси кыйын эле, элди кандай башкарды, жана элге кайрымдуулугу, калыстыгы кандай эле дейт.

Анда Саза аксакал айткан экен:- Бул эки ханга убагында чын дилимден кызмат кылдым. Экөөнүн тең кыял жоруктарын, иштеген иштерин, калыстыгын, элге кылган саясатын убагында туура болгон деп эсептеймин. Ал эми хандар бири-биринен кем калышпаган акылман, айлакер, калыстык менен элин башкарды деп ойлойм. Бирок Ормон хан каршылаштарына каталыраак катуу мамиле кылчу эле. Аны айткан себебим: Жантай ханды Ормон хан жөө-жалаң айдатып келгендиги жөнүндө айтып берейин.

Ормон хан айылы менен Казакстандын ээн калган жерине (Иленин башы Үч-Аралды, Сары-Токумду) эки жылдай жайлап калат да ошол жерди биротоло жердеп калыш үчүн Россиянын падышасынан улуксаат сурайт. Ал падыша суранычын кабыл албай койгон үчүн, кайра өз жерине көчүп келет. Ошондо Ормон хан жок кезде Жантай хан, көл башындагы Боромбай бий болушуп Орус падышалыгына элчи жиберип, кырыздарды Россиянын карамагына, букаралыгына кабыл алуусун суранып элчи жибергендигин Орус падышасы кыргыз элин букаралыгына кабыл алынгандыгы туралуу билгенден кийин, Ормондун ачуусу келип, душманга колтук ачкан чыккынчы катары баалап Сазаны Жантай ханга жиберип үйүндө кандай турса так ошондой жөө айдап кел дейт. Ошол кезде 1851-жылы Ормон хан Чоң-

Кеминге "жылкы төлдөтөм"-деп Жантай хандын жанына көчүп барган эле.

Жантайдын Айылына Саза барып аттан түшпөстөн сырттан Жантай барсынбы? -дейт. Үйдөгү Жантай, аттан түшүп үйгө кир десе Саза болбойт, ошондо Жантай үйдөн кемселин желбегей жамынып, бутуна галошун кийип эшикке чыкканда, Саза айтат: "Сизди Ормон хан тез келсин деп мени жиберди". Андай болсо үйгө кирип кийинип чыгайын десе Саза болбойт. Ханыбыз кандай турса так ошондой айдап кел деген ошон үчүн, азыр басыңыз -деп жөө айдап бардым эле.

Ормон хан Жантайдын жөө келгенин көрүп "хан башы менен мага баш ийип келгендигин жана да жөө айдатып келгендигине өзү уялып, үйүнө киргизип жылуу кабыл алып анан айткан"-дейт.

- Бул ишиңер боюнча Боромбай экөөңдү тең зынданга салсамбы дедим эле, эми болбой калды. Бул орустардын келүүсүнө мен каршы элем. Өзүңүз деле билесиз, бир кездерде орустун экспедициясы келгенде, мен өзүм аларга Ормон хан азыр жок, ал түштүк жакка кеткен, бир айдан кийин келет болуш керек. Эмне жумуш боюнча келгениңер жөнүндө мага деле айта берсеңер болот дедирттим. Алар Ормон хандын өзүнө гана айтабыз деп эч сыр айтпады. Ошондо мен бир койдун терисин чоң тебетей тиктирип, бир союлду коздотуп камчы жасатып туруп, аларга баягы даярдалган белекти Орус падышасына берип коюну айттырдым. Себеби

орустар да бизден сестенсин деп, биз жака келбесин деген мааниде иш кылдым эле. Ошон үчүн силер орустарга колтук ачып алар менен мамиле түзгөнүңөрдү мен туура көргөнүм жок дейт.

Ормон хан. Ошондой опузаларды көп жасагандыгы үчүн "Ормон опуза" деп айтылып калган эмеспи.

**Шабдан баатыр менен Узунээк Алыке аксакалдын жоругунан айта кетсек**

Узунээк Алыке көп отуруштарда, сөз арасында Шабданды сөзгө жыгып, уяткарып жүрөт. "Сөз келгенде айтпаса сөздүн атасы өлөт"- дегендей туура сөздү айткан адамды эл жакшы көрөт. Аны байкаган Шабдан, өзүнүн уят болгонун жашырып, калп күлүп, женилген болуп "кезиң бир келеер"-деп жүрөт. Ал учурда Шабдан орус падышачылыгынын ишенимдүү кишиси болуп, үйүнө аскер адамдары көп келчү экен. Бир күнү орус генералы эки жигити менен келип калат. Шабдан аны коноктоп, кыргыз элинин аларды жакшы көрө тургандыктарын айтып, айрым гана бузуку адамдар бар, ошолор орустар жөнүндө жаман сөздөрдү таратат, элди бузат дейт. Ал кимдер деп генерал сурайт. Шабдан Узунээк Алыкени чакырып берет. Ал келгенде, генерал тамеки тартып турган экен.

- Бузуку келдиби? -дейт генерал.

- Ким бузуку? -деп Узунээк Алыке андан сурайт.

- Сен! -деп генерал тартып турган папиросун Узунээк Алыкенин бетине басат. Узунээк Алыке башын тартып албай, көзүнөн чаарын чыгарып, генералды тиктеп тура берет.

Ошондо генерал өзү чыдабай “жапайы!”-деп тилдеп папиросун ыргытып жиберет.

Узунээк Алыке муну Шабдан кылганын билип:

- Узабай кал! Шабдан -деп кыйкырып басып кетет.

Ошондон кийин Узунээк Алыке туугандарынан эки жигит алып Көк-Ойрокко качып кетет. Көк-Ойрокто 3-4 күн жүргөндөн кийин, алып барган азыгы түгөнүп, ачка болуп калышат. Айылга келүүгө болбойт, Шабдан аны карматып алышы мүмкүн.

Ошондо Узунээк Алыке жигитин чакырып алып, - төмөнкү конушка эл келип конду, ошону билип кел, кайсы урук экен? Сүтөйбү, Жантайбы, калмакпы. Бирок бир да кишиге жолукпа, Тынайлар болуп калбасын, - дейт. Жигит аңырайып Узунээк Алыкени карайт.

- Сен эмне түшүнбөй калдыңбы? -дейт.

- Түшүнбөгөндөй кылып айтып жатсаңыз карайм да, кишиге жолукпай, андан сурабай, анын кайсы уруудан экенин кантип билем? же алардын маңдайына мен Сүтөй, мен Жантай, мен Калмак деп жазылбаса -дейт.

Алардын сөзүн тыңшаганды билбейсиңби? Азыр жайлоодо эртели кеч салкын болот. Кечинде үйүнө от

жагып, тамак бышырат, ошондо сөзүн тыңшасаң билесиң -дейт Узунэзк Алыке.

- Алардын сөзүнөн кантип билем сүйлөгөн сөзүндө мен Жантай, мен Сүтөй, мен Калмак деп сүйлөшмөк беле?

- Оолда иним ай, башың жаш да. Адамды сүйлөгөн сөзүнөн билүүгө болот. Жакшы да, жаман да, ууру да, кесеп да, баатыр да, балбан да, чынчыл да, айлакер да, акылман да, макоо да сүйлөгөн сөзүнөн билинет. Жантай уруугундагы адамдар көбүнчө -сулуу аялдар, сулуу кыздар жөнүндө сүйлөшөт.

Сүтөйлөр -күлүк ат, жорго ат жөнүндө сөз кылышат. Баланчанын күлүк аты, түкүнчөнүн тоюнда, ашында чыгып келди дегендей.

Ал эми калмактардын сүйлөгөнү тамак жөнүндө болот. Бул сөздөрдөн эле аларды кайсы урук экенин билип алууга болот. Бар эми сөздөрүн тыңшап кел деп жиберет. Ал жигит тыңшап келген сөздөр аркылуу өз уругун таап аман калган экен.

## Уруулар арасындагы чыр – чатактар боюнча иштерди кароо

1872-жылы Шабдан орустар менен сүйлөшүп топту Токмок уездинин Кара-Булак деген жеринде өткөргөн.

Ал топко бугу элинен Тилекматтын уулу Чыныбайды да, мыктыларын да топко кийирбей, үч бийди Солтодон,

үч бийди Сарыбагыштан кийирип жетинчиси болуп Шабдан өзү кирген.

А дегенде эки уездин ортосундагы эр өлтүрүп, эриш бузуп, ууру кылгандардын ишин карап, Ормондун кунун аягында чечмек болгон.

Бугу элинен келген адамдар топтун сыртында калып, бийлердин бүтүмү кандай болоор экен деп акмалап жүрүп калышат.

Ошол учурда Куттуксейиттин уулу Шамен деген 90 жаштагы карыя - "жанагы Шабдан деген кызыл дубананы чакырып келчи"-деп жигитин жиберет.

Шабдан келгенде "ии кызыл дубанам" топ кандай жүрүп жатат? -деп сурайт.

Кандай жүрсүн ойдогудай болот да - дейт Шабдан.

- Ормондун кунун алганы жатыпсың, чынбы?

- Чын.

- Андай болсо Ормондун куну канча болот? - деп сурайт Шамен.

Ормондун куну көп болот да, эрдин куну жуз жылкы, Ормон хан эмеспи көп болот да - дейт Шабдан.

- Көп болгондо канча болот?

- Көп болот да.

- Көрдүңбү, Шабдан баатыр көптөн башканы айтпай жатасың, эгерде баасын кесип койсоң хандын наркы чыгып калат.

Хандын куну миң жылкы болсо, миң жылкылуу адам өлтүрүп койсо болот.

Хандын куну эки миң жылкы болсо, эки миң жылкылуу адам өлтүрүп койсо болот.

Ошондуктан хандын куну жок дейт элде.

Хандын куну тоодой алтын болсо да айтылбайт.

Хандын өлүмү - ага тууганда.

Суучулдуку - суудан, мергендики - тоодон, дарчыныкы - дардан, деген элдин сөзүн уктунбу?.

Бугу, Сарбагыш - бир Кылжырдын тукуму элен, Ормонду тууганың өлтүрдүбү? Ормондун кунун алам деп Төрөгелди канча элди кырды? Ормондун кунун алам деп Үмөтаалы канча бүлүк салды?. Ормондун кунун алам деп сен топ чакырып жатасың?

Эртең бугудан бир катын - "Шабданды" туубас болуптурбу, ал өткөн өчтү, кеткен кекти куубас болуптурбу. Ошентип Ормондун тегерегинде эки бир тууган эл чабылып-чачылып, бүлүнө береби?! - дейт.

Сен жакшы болсоң, өткөн өчтү, кеткен кекти кой."Атанды өлтүргөнгө энеңди алып бер" - деген, Ормондун кунун топтон алып ташта. Чыныбайды жолдоштору менен үйүңө чакырып, ат мингисип, тон

жапкынын, андан кем болбойсуң. Ошону менен чатакты - сен баскан болосуң. Кек алынат, бирок кек-кекти пайда кылат. Кылыч чабылса - кан төгүлөт, бирок кан-канды пайда кылат. Айкөлдүк менен басылган иш -айкөлдүктү пайда кылат. Сен муну тынчтык жол менен бүтүр, тынчтык артынан тынчтык келет, ошону менен иш бүтөт. Ормондун кунун алып байымак белең, дүйнөнүн түбүнө жеткен киши бар бекен, уксаң сөз ушул, укпасан өзүң бил, -дейт Шамен.

Шабдан баатыр ал сөздү туура көрөт. Ошону менен Ормондун куну топто каралбай алынып салат да кун өндүрүлбөй калат. Бул иш - Шабдандын атагын дагы бир жолу көтөргөн иш болду. Шамен аксакалдын айтканы боюнча Чыныбайды жолдоштору менен үйүнө чакырып, ат мингизип, тон жаап узаткандан кийин Чыныбайдын айтуусу боюнча "Шабдан кеменгер тура" - деген сөзү элге тараган экен.

**Ал эми Токо, Жантай Дөөлөстүн улуу аялынын балдары дебедик беле...**

Токонун тондуу балдары болуп, (багып алган балдар) жети уул булар Абыла, Сабыр, Чагалдак, Өзүк, Чечей, Молой, Каракурсак бешкөөрүк деген бакма балдары болуп, Токонун тондуу (багып алган) балдары аталып ар бири өздөрүнүн атынан урууларга бөлүнөт.

Токодон: Күмүшай кошокчу аталган жалгыз кызы болгон. Ал Токо атасы өлгөндө, жерге коюлаар күнү,

алыстан келген Бешкөөрүк уулу өкүрүп келгенде, Күмүшай кошок кошкон -дейт.

“Абыла, Сабыр,Чагалдак,
Атам тапкан кул эле.
Өзүк, Молой, кул Чечей,
Өзүм тапкан кул эле,
Атакелеп өкүргөн бул Бешкөөрүк,
Кайсы атамдын уулу эле” - деп кошкон дейт.

Булардын ичинен Өзүк, Токонун кызынан туулган жээни Жантайга жакын болуп, ар бир иштеринде ынтымакташ болуп жашап келген экен.

Өзүктөн;- Коңур, андан Аккийиз, андан Кысроо андан Кожомшүкүр андан Шайбек. Шайбектен Кулчун андан Абыласан андан Жээренбай андан Жусуп, Коңур, андан Түгөл, андан Казыбек, Шарыбек андан Базар, андан Ыстамбек андан Айтбай андан Сарбоз.

Сарбоздон:- Токтосопу.

Дагы бир уулу Чолук, Асан, андан Тыныбек, андан Нооруз, андан Бегаалы, Бейшей. Бейшейден:- Андаш.

Андаштан:- Бообек.

Бообектен:- Аруун, Башар, Шадыбек, Кубанычбек.

Аруундан:- Бекболот, андан Бактыяр, Абай.

Кубанычбектен:- Данис, Эрнис, Калыс.

Андаш убагында бай, кадырлуу киши болуп, уулу Бообекти Шабдан баатырдын убагында Өзүк элине

болуш кылып шайлаткан экен. Бообек менин таятам болот. Турукташкан жери Чүй өрөөнүндө азыркы Жаны-Алыш айылы.

**Таштокум уругунун таралышы боюнча**

Эми Жантай балдарына келсек.

Жантайдан:- Сары, андан Бөрүчөк болгон. Бөрүчөк убагында бий болгон экен. Бөрүчөк бийдин төрт уулу болот - Атабай, Аюке, Илеке, Кусаке.

Атабайдан:- Кубат, Белек, Акчабуу, Мендеке, Мамаке булар өзүнчө урууларга бөлүнөт.

Илеке тукуму - "Токтоку" аталды.

Аюке тукуму -"Аюке" аталды. и

Кусаке тукуму -"Беш калмакы" атанды. Кусаке балдары калмакка чабуулга колго түшүп кетип 20-30 жыл туруп, үйлөнүп жайлангандан кийин кайра өз элине келген үчүн "Бешкалмакы" аталып калган.

Кусакеден:- Акий, Калматай, Эшиге, Досон.

Акийден:- Дайырбек, Ниязбек, Оболбек, Тыныбек.

Дайырбектен: Асанбай, Ынжы, Ыбыке, Жакам, Мадыган, Сеңкилтай.

Калматайдан:- Мереке, Ормоке, Кашка, Кенже.

Эшигеден:- Балабагыш андан Бектемир, Сокур.

Досондон:- Менназар, Ысмайыл, Дөнөнбай.

Мамакеден:- Итибас (Таштокум), Жансары.

Итийбастан -"Таштокум" уруусу тараган. Мындан Итибастын иниси Жансарыдан тараган балдар да "Таштокум" уруусуна кирет. Булардын укум-тукумдары Чоң-Keминде, Чүйдө, Нарында, Ат-Башыда, Кочкордо, Ысык-Көлдө, Бишкекте жашап турушат.

Мына ушул "Таштокум" уруусунун таралыш санжырасын жазуума 1949 - 1950 - жылдарда атам Абдылданын убагында "Таштокум" уруусунун таралышы боюнча айткандарын жазып калгандыгымдан улам болду.

Атам Малдыбаев Абдылда куйма-кулак, зирек, сөзмөр, салттуу, барктуу санжырачы адам эле. Ал киши 1895-жылы төрөлүп, 1982-жылы 87 жаш курагында кайтыш болду. Сөөгү Нарын району Жерге-Тал айылына койулду.

Атам- Абдылда,

Чоң атам- Малдыбай,

Бабам- Байгелди,

Бубам- Байке,

Кубарым- Итибас (Таштокум),

Жотом- Мамаке,

Жетем- Атабай,

Атабайдын атасы Бөрүчөк, анын атасы Сары, анын атасы Жантай.

Итибас атабыздын «Таштокум» аталып калышы боюнча бир аз сөз кыла кетейин. Итибас атабыз убагында Манап уруусунан чыккан Темир, Болот бийдин айылдашы, коңшулашы, замандашы болуп жашаган экен. Ошол заманда Казак- Кыргыз, бири-биринен жылкы тийип алып, жоокерчилик заманында Чүй өрөөнү Чоң-Кемин, Кичи-Кемин, Казактар менен чектеш болгон үчүн, эл бири-бири менен бат-бат катташып тилин, үрп-адатын, каада-салтын, жакшы билишчү экен. Ошол кезде Итибас атабыз казакча так сүйлөп, казактын кийимин кийип, казак айылын аралап, мал жоготкон, сурамжылаган киши болуп, жер-шартын билип алып, айылдын жылкылары кайда, кандай жайылаарын көрүп, билип алып андан кийин жигит-жалаңдары менен түн ичинде болжогон жердеги жайылган жылкыларды тийип, айдап кетчү экен.

Күндөрдүн бир күндөрүндө Темир, Болот, Итибас болушуп көңүл ачып ууга чыгышат. Эртең менен эрте айланасын карап отурса тоонун боорунда бадалдын арасында бир марал оттоп турган болот. Өңүп карап турушса маралды бир жолборс аңдып калган болот. Ошол жолборсту ким барып атат дешкенде, ошол кошуундан эч кимиси чыкпай коёт. Ошондо Итибас атабыз мен барып атып келем -дейт экен. Ошентип Итибас өңүп барып, бийигирээк зоока таштын үстүнө чыкканда жолборс байкап калып качырып, секирүүгө

камданып калат. Ошол кезде таамайлап жолборсту так башка атат, жолборс тип-тик өйдө секирип таштын кырына жетпей кулап түшкөн экен. Ошол жолборстун терисин Болот бийге тартуу кылып, чоң карагер атына арта салганда бучкактары жерге сүйрөлүп калат экен. Уудан олжолуу келгенде Итибаска ыраазы болгон Болот бий жигиттеринин бирине Итибастын атынын ээрин алууга буюрат. Ал жигит аттын ээр токумун алып, күнгө жайып, ичмегин кургатып, ушаласа терге чирип калган ичмек ушаланып күбүлүп калат. Ошол жигит Итибаска келип ичмегиңиз кум болуп ушаланып кетти, сиз кум токунгансызбы же таш токунгансызбы деп айткан боюнча "Таштокум" аталып калган экен.

**"Таштокум" уругунун таралышы боюнча**

Ошентип Итибас атабыз иниси Жансары менен бирге "Таштокум" уругунун атын чакырып калган экен. Итибас атабыздын эки, үч аялынан тогуз уулдуу болот. Алар:- Байке, Бөбөк, Барчек, Тилеш, Кедей, Канай, Эсенаман, Эшкожо, Стамбек.

**Итийбастын биринчи уулу Байке**

Байкеден:- Байгелди, Жангелди, Бөрүбай, Майлыбай.

1.1 Байгелдиден:- Малдыбай, Көчөрбай,

Малдыбайдан:- Касымаалы, Абдырахман, Осмон, Абдылда.

Көчөрбайдан: - Өмүрзак.

Касымалыдан:- Мукаш, Жолдошбек, Алтымышбек.

Мукаштан:- Жумгалбек, Клим.

Жолдошбектен:- Санжар.

Жумгалбектен:- Жоомарт.

Климден:- Мусулманбек.

Абдырахмандан:- Кубатбек андан Сатыбалды андан Аалы.

Абдылдадан:- Болотбек андан Муса, Калыгул, Бектурган, Кожояр.

Мусадан:- Акылбек.

Калыгулдан:- Бейшен, Нурсултан.

Бектургандан:- Алымбек, Калмурза.

Кожоярдан:- Нуриман, Бакай.

Булар Ысык-Көл областынын Балыкчы шаарында турушат.

### Эми өзүбүз жөнүндө

Малдыбай чоң атам балбан, эр жүрөк, албеттүү зор чоң киши болгон экен. Малдыбай чоң атамдын бир окуясын айта кетейин. Совет өкмөтү чыга элек кезде, Нарын району Жерге-Тал айылында жашап турган экен. Эгинди Эмгек-Талаа тарапка айдап, күзүндө эгин оруп, сапырып, кызылын кырманга үйүп койгон кезде, түш

оогон мезгилде бир атчан адам келип, саламдашып, кырманды бир айлана бастырып үйүлгөн буудайга көз кырын салып кетет экен. Ал чоочун адам Нарын сууну кечип келгенин, мал издеп жүрөм деп калп шылтоо айтканын баамдайт. Бул жакка бекер келбегенинен шек санап, токойдон эки бакан союл кыркып келип, кырмандан оолак чийдин арасына жашынып жатып калат. Анткени жолдошторун Жерге-Тал айылына унаа, кап, аркан алып келүүгө жиберип, өзү кырман кайтарып калат. Түн кирген кезде ай жарык эле -дейт, он чакты өгүз айдаган он атчан кишилер келет. Кырманда эч ким жок экен, ырас болду, буудайды каптарга салып өгүздөргө артууга даярдагыла -деп бакылдашып иштей башташат. Эми өгүздөргө арталы дегенде, жашынып жаткан Малдыбай чоң атам союлу менен топ кишилерди качырып келип эки-үчөөнү жаткыра чабат. Калгандары аттарына минип, жөө кишини кармоого аракет кылышат. Атчандар качырып келип камчысы менен чабаарда, чоң атам союлу менен атчандарды тизеге чаап, аттан түшүрө берет. Ошондо чаптырбай калган эки кишиси:- Эй жигит сен эр экенсиң, биз жеңилдик айыбыбыз үчүн, ушул өгүздөрдү алып калыңыз, биз аттарыбызга жарадар болгондорду артынып алып кетели дешет экен. Ал заманда сөзгө, адамдык сапаттарга терең маани берилип келген.

Эртеси күнү жолдоштору даяр болгон каптагы буудайларды айылы Жерге-Талга аман-эсен алып кетишкен экен. Ошентип он чоочун адамдарды жеңип,

эгинин сактап калгандыгы аңыз болуп эл ичинде айтылып калыптыр.

Чоң атам Малдыбайдын дагы бир өрнөктүү жасаган иши боюнча да айта кеткенибиз оң болоор. Жерге-Тал өрөөнү боюнча бир суу тегирмен салып жүргүзүп элге көп пайдасы тийген экен. Ал тегирменди Жерге-Тал өрөөнүнүн жогору жагы “Заңги”-деген коктунун оозунан арык чаап, бир кулак суу баткандай кылып, суу жүгүртүп, ташын да өзү чегип, тегирмен жүргүзгөн экен. Ал тегирмен Малдыбайдын тегирмени аталып, кийин ал тегирмен «Түнкатардын тегирмени» аталып жүрдү. Кыштообайдын уулу Түнкатар абышка жетиген уруусунан эле. Андан кийин 1916-жылы эл үркүп, Кытай жерине барып бир жылдан кийин кытайдан кайра келген учурда чоң атам бала-бакырасы менен (Чүйгө) Чоң-Кеминге көчүп келген экен.

Эми Малдыбаев Абдылда атамдын жашоо турмушундагы урунтуу окуяларынан да сөз козгой кетсек. Совет өкмөтү чыккан кезде Малдыбай чоң атам бала-бакырасы менен (Касмалы, Абдыракман, Абдылда) Чүйдүн Чоң-Кемининде орто бай адамдардын катарында жашап калышат. Ошол кезде Совет өкмөтү коллективдүү чарба уюштуруу жөнүндө чечим кабыл алып, элдин малын 100% алуу менен колхоз уюштурулган экен. Малдыбай чоң атам 250дөй кой, 20дай бодо малды колхозго өткөрүп берет.

Ошол мезгилде Абдылда атамды Тегирменти айылдык кеңештин (сельсовет кызматына) төрагасы кылып шайлайт. Ошол мезгилде колхоздун активдери баары айылдык советке баш ийишчү экен. Колхоздун жерине, эгин айдап себүүгө, айыл-чарба техника (соко шайман) сатып алуу үчүн, колхоздун жыйналышын чакырып, элдин макулдугу менен токтом чыгарып, колхоздун миң баш койун Алма-Ата шаарына базарга айдап барып сатып, акчасын жолдон карактатып жибербейли деп почта аркылуу Чүй районуна которуп жиберип квитанциясын кырктырып алат. Ал акча почтанын жаңылыштыгы менен Казакстандын “Шу” районуна адрестелип кеткен болот. Кой айдап сатып келген 20дай кишилер айылга келип, бир-эки ай акчаны күтүшөт, акча келбейт.

Ошол мезгилде элден арыз түшүп колхоздун малын 20дай киши (башкарма, сельсовет баш болуп) жеп койду деген шылтоо менен Токмок түрмөсүнө камалышат. Суракта почтонун квитанциясы боюнча текшерип, Казакстандын “Шу” районунан, Кыргызстандын Чүй районуна акча котортуп келип 17 күндө түрмөдөгү кармалгандар акталып чыгат. Ошол 17 күндүн ичинде колхоздун активтерин жаңы шайлоо болуп, кайра шайлайт экен. Жаңы шайланган активдер Абдылда атамдын эки агасын кулакка тартышат (Касмалы, Абдыракман). Андан мурунураак чоң атам Малдыбай өлгөн кез экен.

Атам Абдылда акталгандан кийин, кызматымды бер -деп арыз менен Токмок райкомуна кайрылат. Райком партия уюму Абдылда атамды Чоң-Кеминге кайра барба, андан көрө ушул райком партиянын инструктору болуп иштейсиң -деп буйрук чыгарат.

Ошол мезгилде айылды отурукташтыруу маселеси козголуп, элди бир айылдан экинчи айылга көчүрбөй, катташтырбай калган учур эле. Ошондо Чоң-Кемининдин оозундагы "Тайгак" көпүрөсүн (Семёнов көпүрөсү) солдаттар менен кайтарчу экен. Райком партиясынын берген буйругунун негизинде кулак болгон эки агасын (Касмалы, Абдракманды) кулактан бошотуп үй-бүлөөсү менен чогуу, Токмокко көчөбүз -деп "Тайгак" көпүрөсүнөн өткөндөн кийин, Токмокко эмес Нарынды көздөй көчүп кетип, Кочкордун Төлөк совхозуна туруп калышат.

Учурдун талабына ылайык аталарым устачылыкка жөндөмдүү, кайраттуу, иштемчил кишилер экен. Ошондуктан Касымалы атам совхоздун - темир устасы, Абдракман атам -жыгач уста, Абдылда атамды -малга вет.санитар жумуштарына орношот.

Ошол кезде совхоздун вет.врачы болуп Дмитрий деген карган орус киши иштечү экен. Кийинчерээк ал киши кетип калганда, ордуна атам убактылуу бир жылдай иштеп калат.

Ошол орус ветврачтын өлгөн малга жазган актысынын көчүрмөсүн көчүрүп алып, анда өлгөн малдарды актыга

"Осмоналы лөкүй" -деп (орусчасы "воспаление легких"), диагноз коюп, 10-20 баш койду бир барак кагаз менен чыгыштап коёр элем -деп күлүп каалар эле. Кийин ошол Төлөк совхозунда малчы болуп иштеп жүрүп пенсияга чыкты.

## Кыргыз элинин таң-тамаша, оюн-күлкү, салт-санаты жөнүндө айта кетсек

Улуттук оюндар маданияттарыбыздын ажырагыс бир бөлүгү. Кыргыз элинин эң маанилүү жана кызыктуу оюндарынан "Улак тартыш" илгертен бери чоң салтанаттарда, аш-тойлордо, майрамдарда өткөрүлүп келген. Кыргыз элинин эн жакшы көргөн оюндарынын бири "көк бөрү" эмеспи.

Көк бөрү кыргыз элинин көп кылымдардан бери канына, жанына, сиңген, жигиттик намысы бар, кайраты күчтүү адамдардын оюну.

Илгери "көк бөрүнү" эки тараптан экиден төрт улакчы чыгарып, экөөнү түпкө жиберип, улакты эңип келүүгө, экөөнү тозотко жол тостуруп, төрт улакчы тартаар эле. "Баттасы" -бир көрпөчөнү жерге жая салып, тегерегин чийип коюп, ошол көрпөчөгө улак тийсе же чийиндин ичине кирип күү менен сыртка чыгып кетсе да улак ташталды деп кабыл алчу.

Азыр болсо "баттанын" ордуна "тайказан" деп бийик көтөрүп ортосун чуңкур кылып, ичине түшүрүлгөн улакты ташталды деп кабыл алып жатпайбы. Анын

үстүнө ар тараптан төрттөн сегиз киши чыгып улак тартып жатышат. Аттарды да чарчатып, өздөрү да чарчап дегендей азыркы заманга жараша өзгөртүп алышты го.

Ошого жараша аттар дагы улакты эңүүдө бири бирине жолтоо болуп өздөрүнүн ээлерине гана эңүүгө мүмкүнчүлүк түзүп берип жатканына таң калуу менен маашырланасың. Аттар дагы өздөрү жактын таламын талашып айыгышкан күрөшкө жанын аябастан тике качырып, топту жарып турганына да таң калбай коё албайсың. Айбандардан ит жана жылкы малы акылдуу экендигине ишенесиң. Ит болсо адамга жакын болуп көп иштерине жардамдашат. Мисалы: чек араны кайтарууда жана ууруларды кармоодо пайдасы зор. Ошондой эле ар кандай табигый кубулуштарды алдын ала сезе билгендиги таң калыштуу. Мисалга алсак: жер титирөөнү алдын ала бир нече саат мурун сезгендиги белгилүү.

Ал эми жылкы тукуму да адамга жакын болуп бардык жумуштарына пайдасы көп тийет. Ошондой эле бул дагы аян аркылуу боло турган кубулуштарды да алдын ала билгендигин байкап жүрөбүз. Ушундай касиетке ээ болгон Абдылда атамдын “карагер” аты бар эле. Ал атты атам эн жакшы көрүп, “бул жышаналуу мал, аян аркылуу ар нерсени алдын ала биле коёт, абдан акылдуу мал” -деп колунан чыгарбай көп жылы минип жүрдү.

Мисал үчүн атам теңтуштары менен ууга аттанып чыкканда астына ат салдырбай шайбырланып, текирең таскак менен жүрүп кетсе, ал күнү уудан жолубуз болуп келээр эле. Ал эми ошондой эле топ ичинде бараткандa улам-улам жолдон бура тартып, көп жакшы баспай, көңүлсүз болгон учурда атам: "ой туугандар менин жумушум болуп калды" -деп жолдошторунан бөлүнүп үйгө кайра келчү экен. Ал күнү жолдоштору дагы уудан жолу болбой куру келчү экен дейт. Аттын ошондой жоруктарынан улам, аты менен кадимкидей сүйөшкөндөй бири-бирине толук түшүнүшчү экен.

Жайында эл жайлоого чыкканда Сон-Көлдө, Кум-Белде, Сары-Жондо улак тартуу оюндары көп болуп тураар эле. Ошол улак тартууда да эл көзүнө көрүнүп көп өнөрлөрүн көрсөтөөр эле дейт. Улакка салганда "карагер" атты түпкө эңип келүүгө жиберээр эле. Улакчы жерден улакты эңип калса, тик түйүлүп тез чуркап аттарга жеткирбей марага келет экен. Ал эми каршысындагы улакчы эңип алып качканда аны узатпай жетип улак тартышып калчу дейт.

Ошондой мезгилдердин биринде Кум-Бел жайлоосунда көк-бөрү оюну болуп (колхоздор арасында) Куйбышев колхозунда Осмонаалынын бир кулагы түбүнөн кесилген бир кулактуу чон буурул айгыры бар эле. Буурул айгыр да ушул "карагер" ат сыяктуу көк-бөрүдө маш болгон айгыр экен. Ал "буурул айгырды" алып чыкканда сөзсүз "карагер" атты каршысына алып чыгышаар эле. Анткени башка аттар ага тең келишчү

эмес. Ошол "Буурул айгыр" менен "Карагер ат" да бири-бири менен атаандашып, тизелеринен тиштешип үстүндөгү улакчыларга болушкан өндөнүп кармашаар эле деп кеп кылышчу.

Ошол "карагер" аттын дагы бир жоругун атам айтып калаар эле. Атамдын энеси, менин чон энемдин өлөөрүн эки-үч күн мурун билип, чөп жебей, суу ичпей, сабылып, жал куйругу салбырап, кадимкидей аза күткөн экен. Чон энемди жерге бергенден кийин, ат чөп жеп, суу ичип, кадимки абалына келген деп айтып калаар эле. Ушундай жышаналуу жылкы малы эл ичинде көп экендиги маалым эмеспи.

**Байкенин экинчи уулу Жангелди**

1.2. Жанкелдиден:- Кыйыкбай, Чидербай, Чыдык.

Кыйыкбайдан:- Бакир, Сулайман, андан Таалайбек андан Султан.

Чидербайдан:- Абдырай, Ибрай.

Абдырайдан:- Абжалий, Мукаш, Момо.

Абжалийден:- Муктарбек, Койчубек, Аблабек, Элмирбек, Эсенбек,Темирбек.

Мукаштан:- Нурлан.

Ибырайдан:- Үсөнбек.

Булар Жерге-Тал айылында турушат.

**Байкенин үчүнчү уулу Бөрүбай**

1.3. Бөрүбайдан:- Абыш, Арзыгул.

Арзыгулдан:- Тенти, Асаналы.

Тентиден:- Карыбек, Жоламан.

Асаналыдан:- Абдыгайып, Токтогазы.

Абдыгайыптан:- Мырзабек, Мусакожо, Жамангул.

Мырзабектен:- Наамат, Мурат, Өмүрбек, Нурлан.

Мусакожодон:- Ишен, Нурбек, Руслан.

Жамангулдан:- Урмат, Аманбек, Назарбек.

Токтогазыдан:- Санжар. Булар да Жерге-Тал айылында турушат.

**Байкенин төртүнчү уулу Майлыбай**

1.4. Майлыбайдан:- Ажыбай, Жумагул, Босум.

Жумагулдан:- Дүйшөке андан Молдиса.

Молдисадан:- Өмүрбек, Темирбек, Мирбек, Бек.

Дүйшөкеев Молдиса - Союз убагында, Монголия Республикасында элчилик кызматта бир топ жылдар иштеген. Булардын бала-бакыралары Бишкек шаарында жашашат.

## Күлүк ат жөнүндө

Кыргыз элинде улуттук оюндардын эң кызыктуусу ат чабыш, кунан чабыш, жорго салдырыш оюндары көп-көп болуп турат. Эл оозунда айтыла жүргөндөй көп эле күлүк аттардын даңазасы унутулбай айтылып жүрөт эмеспи. Мисалы: эл арасында айтылып жүргөн күлүк аттар:

Байтиктин "Керкашкасы".

Ниязбектин "Чаар" аты.

Кубат уулу Муратаалынын"Ак-Сур"аты.

Чокойчондун "Торусу".

Бороончу Өтөгөндүн "Чаар" аты деги койчу айта берсе даңазалуу көптөгөн күлүк аттар болгондугу чындык. Ошондой эле кыргыз элинин үрп-адат, каада-салттарын чагылдырган этнографиялык маалыматтары боюнча, мүнүшкөрлүк, аңчылык, саяпкерлик өнөрлөрүн көрүп, билип, аздектеп аткарып жүргөн адамдарыбыз бүгүнкү күндө азайып бараткандыгын айта кетким келет.

Деги эле жылкы жаныбары эң мыкты, күчтүү, чыдамкай, кабелтең, курч, ыкчам, шамдагай, элпек - кыргыз жылкысы эмеспи. Элибиздин илгертен эле ат оюндарына көп көңүл бөлүшкөн, мисалы: ат жарыш, жорго салыш, кунан чабыш, көк бөрү, кыз куумай, эр эңиш, саяпкерчилик, мүнүшкерчилик, тайган таптоо (аңчылык) байма-бай болуп турчу экен.

Саяпкерчилик, мүнүшкерчилик, тайган таптоо убаракерчиликтүү, чыдамкайлыкты, кайратуулукту талап кылган өнөр эмеспи. Бул өнөр атадан балага, устаттан шакиртке өтүп турган. Ошон үчүн ушундай кыйынчылыкка чыдаган таланттуу, ышкыбоз адамдарыбыз жок эмес. Саяпкерчилик өнөрдү аркалаган адам аттын күлүк болоорун кулун же тай кезинен эле, анын сын-сыпатынан баамдап билишкен. Күлүк болчу кулундун атасы да, энеси да жакшы болушу керек экен. Күлүк болчу кулунга жакшы мамиле жасоо менен эле күнгө кууратып, көп кактап саадырбай, тай чагында көп минбей, этин оорутпай, этияттап үйрөтүп такшалтат. Анча - мынча тай чабышка кошо берет. Чөп-жемди канча жакшы жесе, ошончолук жакшы чуркайт. Жаш кезинен семиз болуп, көөнү көтөрүңкү, эркин өсүп, сөөктөрү толуп өсүшү керек. Албетте арыктатпай, аяп үйрөтөт, жоошутат, такшалтат. Чабаардан мурун тер алып суутат. Тапка келген күлүктүн белгиси - сууну көп ичпейт. Койкондоп калат.

Ушундай түйшүктүү өнөрдү аркалаган талантуу, ышкыбоз, мыкты саякерлердин бири - менин кудам Орозобеков Карыпбайдын күлүк “кара кашка” аты жөнүндө сөз кыла кетсек.

Карыпбай кудам Нарын районунда (Жаңы-Талап колхозу) Жерге-Тал айылында 1924 - жылы туулуп, 70 жаш курагында 1994 - жылы кайтыш болду.

1952 - жылы Фрунзе шаарындагы Селхоз техникумунун ветеринария факултетин бүтүрүп, колхоздордо вет.техник кызматта иштеп, 1980 - жылда пенсияга чыккан.

1967 - жылы "эмгектин каарманы" деген медалга ээ болгон.

Өмүрү өткөнчө колунан күлүк ат, алгыр тайган өксү болгон жок. Өзүнүн айтуусу боюнча кеч күздө өзгөчө кыламыктата кар жааганда, таң куланөөк салган мезгилде салбуурунга тайганын ээрчитип, из кубалап, тоо таяна аты менен чапкылап, түлкү, коёндорду көп тиштетип, өзүнчө кумардан чыкчуу экен. Бир жолкусунда тайганы карышкыр тиштегенин кеп кылып айтып калаар эле.

Өзүнүн күлүк аты - "кара кашканы" тай кезинен багып, таптап, ат чабыштарда чаап байгелүү оруңдарды ээлеп жүрдү.

Ар жыл сайын майрамдарда Нарын областык ипподромдордо чабылып, I - II даражадагы оруңдарды ээлеп жүрдү.

1977 - жылы "Кыргызстандын 60 жылдык" маарекесинде - Фрунзедеги ипподромдо 1-оорунду ээлеп, грамота жана диплом алуу менен Нарын энциклопедиясында жазылып калды.

"Кара кашка" күлүктүн сын-сыпатын айта кетсек: Чалышыраак, бою бийик, көөдөндүү, жазы маңдай, баш

сөөгү эти жок, элик баш, чекир көз, маңдайында сүйрүрөөк, жүрөкчө кашкасы бар, чымкый кара, бөрү кулак, куйрук жалы суйдаң, сом туяк, тик далы, түз жамбаш, бели кыска, муз бөйрөк, өркөчү бийик, кең соору, чакмак эти аяктай, тулку бою сүмбөдөй күлүк аттын сыны бар эле.

1988 - жылы малчылырдын тою Соң-Көл жайлоосунда өтүп, Нарын, Жумгал, Кочкор, Ак-Талаа райондор аралык майрам тоюнда ат чабыш болуп, ошондо да "кара кашка" көп аттардын ичинен марага бир топ алыстыкта марага биринчи чыгып келди.

Биринчи чыгып келе жаткан аттын арыш керип чуркаганын көргөн элдин кыйкырык сүрөөсү, уу-дуу болуп, жер дүнгүрөгөнсүп, айрым кишилердин сүйүнгөнүнөн эр-эркеп ыйлап жүргөндөрү, жүрөк толкуп, аттын ээсин куттуктап, кучактап өпкүлөп жүргөндөрү да бар. Өзүнчө бир ажайып көрүнүш.

Чыгып келген атты жайдактап, ары-бери жетелеп турганда, сүмбөдөй тулку-бою сырттан жарап, сымбаттуу сыны чыгып, көрктүү болуп турганына жүрөгүңүз жылыйт. Ошентип тойго тигилген боз үйлөргө бөлүнүшүп, эт жеп, кымыз ичилип жаткан мезгилде сөзмөр адамдар мурунку ата-бабалардын чабылган күлүк аттары, жорголору жөнүндө сөз козголуп, чер жазылып, ачык маанайда аттарын минип жай жайларына тарап жатышты.

1952 - жылы Фрунзе шаарындагы Селхоз техникумунун ветеринария факултетин бүтүрүп, колхоздордо вет.техник кызматта иштеп, 1980 - жылда пенсияга чыккан.

1967 - жылы "эмгектин каарманы" деген медалга ээ болгон.

Өмүрү өткөнчө колунан күлүк ат, алгыр тайган өксү болгон жок. Өзүнүн айтуусу боюнча кеч күздө өзгөчө кыламыктата кар жааганда, таң куланөөк салган мезгилде салбуурунга тайганын ээрчитип, из кубалап, тоо таяна аты менен чапкылап, түлкү, коёндорду көп тиштетип, өзүнчө кумардан чыкчуу экен. Бир жолкусунда тайганы карышкыр тиштегенин кеп кылып айтып калаар эле.

Өзүнүн күлүк аты - "кара кашканы" тай кезинен багып, таптап, ат чабыштарда чаап байгелүү орундарды ээлеп жүрдү.

Ар жыл сайын майрамдарда Нарын областык ипподромдордо чабылып, I - II даражадагы орундарды ээлеп жүрдү.

1977 - жылы "Кыргызстандын 60 жылдык" маарекесинде - Фрунзедеги ипподромдо 1-оорунду ээлеп, грамота жана диплом алуу менен Нарын энциклопедиясында жазылып калды.

"Кара кашка" күлүктүн сын-сыпатын айта кетсек: Чалышыраак, бою бийик, көөдөндүү, жазы маңдай, баш

сөөгү эти жок, элик баш, чекир көз, маңдайында сүйрүрөөк, жүрөкчө кашкасы бар, чымкый кара, бөрү кулак, куйрук жалы суйдаң, сом туяк, тик далы, түз жамбаш, бели кыска, муз бөйрөк, өркөчү бийик, кең соору, чакмак эти аяктай, тулку бою сүмбөдөй күлүк аттын сыны бар эле.

1988 - жылы малчылырдын тоюу Соң-Көл жайлоосунда өтүп, Нарын, Жумгал, Кочкор, Ак-Талаа райондор аралык майрам тоюнда ат чабыш болуп, ошондо да "кара кашка" көп аттардын ичинен марага бир топ алыстыкта марага биринчи чыгып келди.

Биринчи чыгып келе жаткан аттын арыш керип чуркаганын көргөн элдин кыйкырык сүрөөсү, уу-дуу болуп, жер дүңгүрөгөнсүп, айрым кишилердин сүйүнгөнүнөн эр-эркеп ыйлап жүргөндөрү, жүрөк толкуп, аттын ээсин куттуктап, кучактап өпкүлөп жүргөндөрү да бар. Өзүнчө бир ажайып көрүнүш.

Чыгып келген атты жайдактап, ары-бери жетелеп турганда, сүмбөдөй тулку-бою сырттан жарап, сымбаттуу сыны чыгып, көрктүү болуп турганына жүрөгүңүз жылыйт. Ошентип тойго тигилген боз үйлөргө бөлүнүшүп, эт жеп, кымыз ичилип жаткан мезгилде сөзмөр адамдар мурунку ата-бабалардын чабылган күлүк аттары, жорголору жөнүндө сөз козголуп, чер жазылып, ачык маанайда аттарын минип жай жайларына тарап жатышты.

Эң өкүнүчтүүсү кийинки жылы жайлоого коё берилген кезде, күлүк "кара кашканы" белгисиз ичи тар, көрө албас, мерез, таш боор, убалдан коркпогон адам колдуу болуп, аттын сол жаккы көзүн чукуп, сокур кылып койду. Ошондон кийин экинчи чабылбай калды.

Кайран гана " кара кашка" күлүк!

